германия
кызматташтыгы
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

Аткаруучу:

giz Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги



# КЕСИПКЕ БАГЫТ ЖАНА КЕҢЕШ БЕРҮҮ – ИШ ЖҮЗҮНДӨГҮ СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮК

**Чыгарылыш маалыматтары**

**Чыгаруучу**

Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH
Башкы кеңселер Бонн жана Эшборн шаарларында, Германия
"Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүү"
программасы

Исанов көч., 96
720001, Бишкек, Кыргызстан
T +996 312 90 91 47
F +996 312 90 65 58

giz-kirgisistan@giz.de
www.giz.de
www.giz-employment.kg

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги,
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен
кызматташтыкта

**Басылып чыккан**
ОсОО "Printhouse Ltd."

**Дизайн**
ОсОО "Spark Design and Communication"

2019-жылдын апрель айына
**карата абалы боюнча**

**Фото/Сүрөттөлүштөр**
GIZ программасынын архиви

Бул басылманын мазмуну үчүн GIZ жоопкерчиликти тартат
Германиянын экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү боюнча
Федералдык министрлигинин (BMZ) **табыштамасы боюнча**

# МАЗМУНУ


КИРИШҮҮ ........ 4

1. КЫРГЫЗСТАН ЖАНА ГЕРМАНИЯ ӨКМӨТТӨРҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ЖАНА КЕҢЕШ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК ........ 6

2. ГЕРМАНИЯ ЖАШТАРЫ ҮЧҮН КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ТУТУМУНДАГЫ ӨНӨКТӨШТҮКТӨР – СЕРЕП САЛУУ ........ 10

2.1. Түндүк Рейн-Вестфалия жергесиндеги кесипке багыттоо тутуму: мектептен-кесипке ........ 11

2.2. Кесипке багыттоо тутумун алга жылдыруу: мектептен-кесипке ........ 11

3. КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ТАРМАГЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮК ҮЛГҮСҮ – ГЕРМАНИЯ ӨЛКӨСҮНҮН ИШ ТАЖРЫЙБАСЫ ........ 15

4. ТАЖРЫЙБАДАН МИСАЛДАР: ЖАШТАРДЫ КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ЖАНА КЕҢЕШ БЕРҮҮ АЛКАГЫНДА СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТӨРДҮН КЫЗМАТТАШТЫГЫ ........ 18

4.1. Түндүк Рейн-Вестфалия жергесинде 8-9-класстарда кесипке багыттоо боюнча программаны иш жүзүнө ашырууну мектепте жөнгө салуу кандайча жүргүзүлөт? ........ 18

Кесипке багыттоо маселелери боюнча команда ........ 18

Кесипке багыттоо кеңсеси ........ 18

4.2. Ата-энелер менен кантип кызматташып жана аларды ишке тартуу керек? ........ 19

4.3. Мектептер жана иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары кесипке багыттоо жана кеңеш берүү тармагында кантип кызматташат? ........ 19

4.4. Кесипке багыттоо жана кеңеш берүү маселелеринде мектептин, кесиптик лицейлер менен колледждердин ортосундагы кызматташуу кандайча жүрөт? ........ 21

4.5. Университеттер менен кызматташуу кантип жүргүзүлөт? ........ 24

4.6. Ишканалар менен кызматташуу кантип жүргүзүлөт? ........ 24

5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ТАРМАГЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮК ҮЛГҮСҮН ИШТЕП ЧЫГУУ ........ 34

# КИРИШҮҮ

Кесип тандоо – адамдын өмүрүндөгү эң маанилүү чечимдердин бири. Ошондуктан жаштардын «Мага кайсы кесип туура келет?»,- деген суроонун тегерегинде ой жүгүртүүсү андан ары иш жүргүзө турган багытты аныктайт. Мунун натыйжасында кесипке багыттоо темасы мектептерде да, саясат менен экономикада да зор мааниге ээ болуп келе жатат. Тез өзгөрүп жаткан эмгек рыногу жаңы кесиптик тармактарды, жаңы окуу программаларын, билимге ээ болуунун жана окутуунун жаңы түрлөрүн түзүүдө. Бирок, турмуштук тажрыйбасы аз жаштарга кесипти туура тандоо сыяктуу чечимди кабыл алуу жеңил иш эмес. Демек, кесиптик окутууга же жогорку билим алууга «өтүү» баскычына жаштарды толук даярдоо өтө маанилүү, анткени кесипке багыттоо келечекти мерчемдөө дегенди түшүндүрөт.

Окуучулар өздөрүнүн талантгарын жана каалоолорун, кызыгууларын жана жөндөм-шыктарын мүмкүн болушунча эрте аныктаганы дурус. Ошондуктан айрыкча жаштар коомдун колдоосуна муктаж. Ата-энелер жана мугалимдер жаштардын мүнөзүнүн күчтүү жактарын алардын өздөрүнө караганда башкача көз караш менен аныкташат, ошондуктан биргелешип иштегенде гана жаштардын кесиптик максаттарга жетүү жолдорун конкреттүү тактоого мүмкүн. Анткени көпчүлүк учурда окуучулар эмгек рыногунун ар түрдүү сунуштары жана ага байланышкан өндүрүштүк талаптар жөнүндө өтө аз билишет.

Ким өзүнүн кесиптик мүмкүнчүлүк-шарттарын сактап калгысы келсе, өз жашоо-турмушуна жоопкерчилик алууга даяр болушу зарыл. Негизделип олуттуу жүргүзүлгөн кесипке багыттоо кесиптер дүйнөсүндө иш жүзүндөгү тажрыйбага ээ болууга көмөктөшөт, окуучулардын өзүн таанып билүүсүнө жол ачат. Мындан тышкары, кесиптик багыттоо өндүрүштүк окутуу жана билим алуу үчүн ылайыктуу орундарды табууга жардам берет, жана өндүрүштүк окутуу алкагында окуу жайларында мөөнөтүнөн мурда окуусун токтотуп коюулардын алдын алат. Ошондой эле жаштар үчүн кесиптик өмүр жолунун башталышындагы тажрыйба катары чечүүчү мааниге ээ, алардын ишке болгон мамилесин, өмүр бою үйрөнүүгө даярдыгын жана жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүдө мааниси зор. Ошондуктан, жаштардын кесиптик жолун натыйжалуу жана акыл калчап мерчемдөөнү ишке ашыруу үчүн ар түрдүү социалдык субъектилер: мектеп, ата-энелер, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары, кесиптик окуу жайлар, компаниялар, бирикмелер, палаталар, клубдар, жаштар менен иштөө боюнча социалдык мекемелер жана университеттер менен ишенимдүү кызматташуусу зарыл.

Кесип тандоо жөнүндөгү чечимди кабыл алууга даярдык мектепте окуу жылдарында үзгүлтүксүз тутумдуу концепцияны талап кылат. Концепцияда кесипке багыттоо боюнча иш-чаралар камтылат, ошондой эле мектепте жана мектептен тышкары окуу жайларындагы билим алуу жана кесип тандоо жолдорун мерчемдөө милдеттүү шарт болуп саналат. Муну менен окуу жайдагы кесиптик даярдоонун же окутуунун, ошону менен бирге көптөгөн жаштар үчүн кесиптик жашоонун ийгиликтүү башталышына өбөлгө түзүлөт. Бул «долбоордун» негизи болуп мыкты билим алуу жана туруктуу инсандык өнүгүү эсептелет. Алар ар бир адамдын социалдык алака-мамилелешүүсү жана жеке келечеги үчүн чечүүчү мааниге ээ. Кесипке багыттоо тутуму ошол эле учурда компаниялардын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга салым кошуусу зарыл, анткени бул учурда жаш адистер кесиптик даярдыктан өтүү же окуу процессин тезирээк жана максаттуу аяктайт. Ошентип, мектеп менен экономиканын ортосундагы кызматташуу бардык кызыктар тараптар үчүн пайдалуу иш болуп саналат. Өсүп келе жаткан жаштардан кесипкөй адистерди даярдоого жигердүү жана шыктануу менен кам көргөн компаниялар дасыккан адистерге болгон тартыштыктын алдын алат. Мектептер менен жигердүү байланыш түзүлгөн учурда компанияларга тиешелүү бир максатка умтулган жана ылайыктуу талапкерлерди тандоо жеңил болот.

Кесипке багыттоо алдын алуучу, жаштарга багытталган, социалдык, экономикалык саясаттын жана эмгек саясатынын бир бөлүгү болуп эсептелет.

Кесипке багыттоо алдын алуучу стратегия катары, анын ичинде тиешелүү субъектилер, мекемелер жана сунуштардын ортосунда өз ара карым катышты орнотуу аркылуу жаштарга кесипке ээ болуу процесси аяктагандан кийин аларды кандай келечек күтүп тургандыгына сереп салып кароого тезирээк мүмкүнчүлүк ачуу үчүн маанилүү пайдубал түзөт. Бул окууга же жумушка орношууда керексиз кезек күтүүлөрүнө бөгөт коёт жана кесиптик даярдыктан өтүүнү же окуу жайында окууну мөөнөтүнөн мурда токтотуп коюу учурларынын санын кыскартууга жардамдашат. Ошол эле убакта дасыккан адистерге суроо-талапты камсыз кылуу ишине салым кошулат жана компаниялардын атаандаштык жөндөмдүүлүгү жогорулайт, анткени жаш адистерге окуу процессине, кесиптик даярдыктан өтүүгө тез арада жана максаттуу киришүүгө жана аяктоого шарт түзүлөт.

Ошентип, билим алуу маселелери боюнча кесипке багыттоо жана кеңеш берүү узак мөөнөттүү процесс болуп саналат жана жаштарды социалдаштыруу алкагында өткөрүлөт. Бул жараян чоңоюп бойго жетүүнүн бир бөлүгү болуп эсептелет, анын аягында жекече да экономикалык да өз алдынчалык турат. Бул ишти ийгиликтүү жүргүзүү үчүн келечектеги жаш адистерге өз сунуш-талаптарын так койгон жана алар үчүн эшигин кенен ачкан эмгек рыногунун болушу жетишсиз.

Чындыгында, заманбап мезгилде, кесип тандоо менен байланышкан жекече суроо-талаптарга шайкеш жооп берүү үчүн биздин комплекстүү жана көпчүлүккө татаал көрүнгөн эмгек рыногуна колдоо көрсөтүүчү кең жараяндын болушу зарыл.

Ошондуктан, КРнын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги менен КРнын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргызстанда кесипке багыттоо тутумун өнүктүрүү үчүн биргелешкен концепция иштеп чыгышты. «Кыргыз Республикасында жаштарды кесипке багыттоо тутумун өнүктүрүү концепциясында» жаштарды кесипке багыттоонун максаты, милдеттери жана принциптери төмөнкүдөй берилген:

*«Жаштарды кесипке багыттоонун негизги максаты – кесипти, окуу жайын, кесиптик даярдоонун башка түрлөрүн жеке талаптардын жана дасыккан адистерге болгон эмгек рыногунун керектөөлөрүнүн ортосундагы таңдемге, ошондой эле андан ары жумушка орношууга жетишкендей кылып аң-сезимдүү тандоого көмөктөшүү болуп эсептелет».*

Концепцияда ар түрдүү субъектилердин ортосундагы кызматташууга зор көңүл бөлүнөт: «Кесипке багыттоо ишмердүүлүгүнүн объектиси болуп максаттуу топ эсептелет, ага окуучулар, ата-энелер, лицейлердин, колледждердин, ЖОЖдордун окуучулары жана бүтүрүүчүлөрү, жумушсуз жарандар кирет. Ал эми кесипке багыттоо ишмердүүлүгүнүн субъектиси мамлекеттик органдар, билим берүү уюмдары, иш берүүчүлөр жана коомдук бирикмелер болуп саналат. Жаштарды кесипке багыттоо тутумунун ар бир субъектисине белгилүү бир кызмат-милдеттер жүктөлөт. Жаштарды кесипке багыттоо тутумунун калыптанышы жана өнүгүшү кесипке багыттоо тутумунун субъектилеринин биргелешкен жана жөнгө салынган иш-аракеттери аркылуу ишке ашат».

Мындай баарын камтыган кенен «долбоордун» ийгиликтүү жүрүшү кесипке багыттоого жана кеңеш берүүгө тиешеси бар бардык кызыкдар тараптар бул иштин зарылдыгын, ага байланышкан мүмкүнчүлүк-шарттарды баамдап түшүнүүсүнө жана жер-жерде өз милдеттерин канчалык деңгээлде биргелешип аткаргандыгына жараша болот.

Бул «Практикалык колдонмодо» Германиядагы жана Кыргызстандагы субъектилердин ортосундагы кызматташуу үлгүлөрү берилген, ал мисалдар Кыргызстанда кесипке багыттоо жана кеңеш берүү чөйрөсүндө социалдык өнөктөштүк тармагы жагындагы кызматташуу бекем орун-очок алышы үчүн социалдык өнөктөштүктү алга жылдырууга өбөлгө жана көмөк катары кызмат кылышы мүмкүн.

# 2 КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ГЕРМАНИЯ ӨКМӨТТӨРҮНҮН ОРТОСУНДА КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ЖАНА КЕҢЕШ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШУУ

Кыргызстан менен Германия өкмөттөрүнүн ортосундагы эки тараптуу кызматташуунун алкагында кесипке багыттоо жана кеңеш берүү тармагында иш жүргүзүлүп жатат. Билим берүү министрлиги менен Эмгек министрлигине «Иш менен камсыздоого жана кесиптик окутууга көмөктөшүү» программасы аркылуу Кыргыз Республикасында жаштарды кесипке багыттоо тутумун өнүктүрүүдө жигердүү колдоо көргөзүлүүдө.

Бул учурда кызматташуу төрт ишмердүүлүк чөйрөсү боюнча жүргүзүлөт:


- **a) 9-класс үчүн кесипке багыттоо программасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;**
- **b) Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарында кесипке багыттоо жана кеңеш берүү үчүн тутумдук ыкма иштеп чыгуу;**
- **c) Субъектилердин биргелешкен ишмердүүлүгүн жөнгө салуу үчүн кесипке багыттоонун жергиликтүү тармактарын түзүү;**
- **d) Маалыматтык материалдарды жана компьютердик тесттерди иштеп чыгуу.**

## a) 9-класс үчүн кесипке багыттоо программасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү

Жаштарга билим алуу маселелери боюнча кесипке багыттоо жана кеңеш берүү – мектептин педагогикалык комплекстүү милдети, анын максаты – окуучулардын кесип тандоо маселелеринде компетенттүүлүк деңгээлин жогорулатуу болуп саналат. Ошондуктан жалпы билим берүү мектептеринин алдында окуучуларды кесиптик ишмердүүлүктү баштоого даярдоо, кесип тандоо жаатында негизделген чечим кабыл алуу жөндөмүн өстүрүү милдети турат. Бул максатта дүйнө жүзү боюнча мектептерде кесипке багыттоо программалары ишке ашырылат жана алар эреже катары Германия өлкөсүндөгүдөй эле мектептин окуу программасынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Эл аралык стандарттарга жаштарды кесипке багыттоонун беш баскычтуу жараяны шайкеш келет. Ошондуктан КРнын Билим берүү жана илим министрлигине 9-класс үчүн кесипке багыттоонун беш баскычтуу программасын иштеп чыгууда көмөк көргөзүлдү. Бул үчүн эл аралык оң тажрыйбанын, мисалга алсак Сербиянын иш тажрыйбасы кеңири колдонулду. Эл аралык калыс талдоочулар бул беш баскычтуу үлгүнү иштеп чыгууну колдошту. Билим берүү жана илим министрлиги Бишкек, Каракол, Нарын жана Талас шаарларынан сегиз сынактык мектеп тандап алды. Ага ылайык ар бир сынактык мектептен экиден мугалим тандалып алынып, жалпы алганда 16 адам эл аралык калыс талдоочулардын колдоосу астында жана эл аралык тажрыйбага таянып кесипке багыттоо программасын иштеп чыгышты.

Көптөгөн кыздар жана балдар кесипке багыттоо программасынын алкагында алгачкы жолу «Мен кесип катары мындан ары эмне иш менен алектенгенди каалайм?» деген суроого кабылышты. Программанын максаты дал ушунда: жаштарга бул теманын тегерегинде ой жүгүртүүгө түрткү берүүдө турат. Программага катышуу учурунда жаштар болочок жашоо-турмушунда кайсы кесиптик багытта алектенери тууралуу идеяларды иштеп чыгышат. Өз дараметин талдоодо мүнөзүнүн күчтүү жактарын иликтеп үйрөнүшөт. Бул талдоо жаштар үчүн кандайдыр белгилүү бир кесипке багыт бербесе да, аларга өз мүмкүнчүлүктөрүн көрүүгө жол ачат. Талдоонун негизги элементи болуп практикалык жекече же топтук тапшырмалар эсептелет, аларды жаштар педагогдордун көзөмөлү жана коштоосу алдында аткарышат. Ишканаларга экскурсия учурунда жана кесиптик окуу жайларга же университеттерге барган учурларда окуучулар өздөрү үчүн ар түрдүү кесиптик мүмкүнчүлүктөрдү көрө алышат.

Кесипке багыттоо программасы өз ичине 18 сабакты жана ага кошумча кесиптик ишмердүүлүк дүйнөсү менен окуу-билим алуу дүйнөсү менен таанышуу алкагында ишканалар менен окуу жайлардагы 3-5 жолугушууларды камтыйт. Тесттик баскычтан өтүү учурунда эле катышуучуларда кубануу сезими жаралды, анткени окуучулардын ою боюнча өздөрүнүн кызыгууларын, ар түрдүү кесиптик тармактарды жана кесиптик келечекти окуп үйрөнүү менен алектенүү жана кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсү тууралуу тикелей маалымат алуу өз кесибин тандоодо өтө пайдалуу болуп саналат. Мугалимдердин пикири боюнча берилген материалдар окуучуларды кесипке багыт берүүгө жана кесип тандоо жаатында негизделген чечим кабыл алуу жолунда коштоп жүрүүгө багытталган мектептин маанилүү комплекстүү милдетин аткарууда зор пайда келтирет. Бишкек, Каракол, Нарын жана Талас шаарларында сынактан өткөндөн кийин, кесипке багыттоо программасы бардык аймактардын окуучуларын кесип тандоо боюнча маанилүү чечим кабыл алууда коштоп жүрүү үчүн Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан мектептин окуу программасына киргизилиши мүмкүн.




## b) Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарында кесипке багыттоо жана кеңеш берүү маселелери боюнча тутумдук ыкма-мамилени иштеп чыгуу

Иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарына кесипке багыттоо алкагында кызмат көрсөтүүчү башкы субъект катары кесипти тандоо жана ишке орношуу маселелери боюнча кеңеш берүү үчүн тутумдуу ыкма-мамилени иштеп чыгууда көмөк көргөзүлөт. Буга чейин жумушчу деңгээлде кесипке багыттоонун көптөгөн ар түрдүү инструменттери тестирлөөдөн өткөрүлгөн. Эл аралык кыска мөөнөттү калыс талдоочулар менен бирге сынактык аймактардын - Бишкек, Талас, Каракол жана Нарын шаарларынын жети сынактык иш менен иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын 16 кызматкери тарабынан бул инструменттер таасирлеринин кеңдигине карата кайра текшерилди жана аларды иш жүзүнө ашыруу боюнча кеңеш берүүлөр жүргүзүлдү. Ал инструменттер эл аралык деңгээлде «мыкты тажрыйбанын» негизинде текшерүүдөн өткөн жана өздөрүн жакшы жагынан көргөзгөн инструменттер, ыкмалар менен толукталды, ошондой эле семинарлардын жүрүшүндө кесипке багыттоо жана кеңеш берүү жаатында кызмат көрсөтүү маселелери боюнча тутумдук ыкма түрүндө жалпылаштырылды. Бул ыкманы Кыргызстандын бардык аймагында жайылтуу үчүн ар түрдүү таркатылма материалдар даяр.

## c) Кесипке багыттоонун локалдык тармактарын түзүү

Бишкек, Талас, Нарын жана Каракол шаарларында кызматташуунун туруктуу ыкмаларын иштеп чыгуу жана биргелешкен иш-чараларды ишке ашырууну жөнгө салуу максатында кесипке багыттоонун төрт жергиликтүү тармагы түзүлдү.

## d) Маалыматтык материалдарды жана компьютердик тесттерди иштеп чыгуу

Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги менен биргеликте эки тест иштелип чыкты – бир тесттин жардамы менен окуучулар өздөрүнүн ар түрдүү кесиптик чөйрөлөрдө эмнеге кызыгарын аныкташса, экинчи тест аркылуу мүнөзүнүн күчтүү жактары жана компетенциялары менен таанышышат.

Мындан тышкары, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары жана мектептер үчүн кесипке багыттоого жана кеңеш берүүгө колдоо көргөзүү максатында бардыгын камтыган төмөнкү маалыматтык материалдар иштелип чыккан:

1. **Кесип тандоо күндөлүгү:** кесипке багыттоо алкагында колдоо көргөзүү үчүн;
2. **Кесиптердин энциклопедиясы:** ар түрдүү кесиптик чөйрөлөр жана кесиптер үчүн маалыматтар жана түшүндүрмөлөр берилген энциклопедия;
3. **Жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү үчүн жумушка орношууда арыз берүү жараянын жол-жоболоштуруу боюнча колдонмо:** университеттердин бүтүрүүчүлөрүнө жумушка орношуу жөнүндө арыз жазуу баскычында көмөктөшөт жана пайдалуу кеңештерди сунуштайт.

## БИШКЕК, КАРАКОЛ, НАРЫН ЖАНА ТАЛАС ШААРЛАРЫНЫН МЕКТЕПТЕРИНДЕ КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ПРОГРАММАСЫНЫН ТЕСТТИК БАСКЫЧЫ ӨТКӨРҮЛГӨНДӨН КИЙИНКИ АЙРЫМ ТААСИРЛЕР:


















*Кесипке багыттоо жана кеңеш берүүнүн ийгиликтүү жүрүшү бул ишке катышуучу субъектилер алдыга коюлган милдеттерди биргелешип аткаргандыгына жараша болору анык!*

*Ошондуктан төмөндө Германиядагы жана Кыргызстандагы субъектилердин ортосундагы кызматташуу үлгүлөрү берилет, ал мисалдар кесипке багыттоо жана кеңеш берүү чөйрөсүндө социалдык өнөктөштүк тармагы жагындагы кызматташуу бекем орун-очок алышы үчүн социалдык өнөктөштүктү алга жылдырууга өбөлгө жана көмөк катары кызмат кылышы мүмкүн. Бул иштердин максаты өздөрүнө ылайыктуу кесип тандап алуу тууралуу чечим кабыл алууда маанилүү жана чечүүчү жолунда жаштарга жигердүү колдоо көргөзүү болуп эсептелет.*

# 2 ГЕРМАНИЯ ЖАШТАРЫ ҮЧҮН КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ТУТУМУНДАГЫ ӨНӨКТӨШТҮКТӨР – СЕРЕП САЛУУ

**Бул багытта сереп салууда Германиядагы субъектилердин ортосундагы кызматташуунун иш жүзүндөгү мисалдары берилет. «Мыкты тажрыйбанын» мисалы катары Германиядагы федералдык жерлердин бири - Түндүк Рейн-Вестфалия жергесиндеги кесипке багыттоонун өнөктөштүк тутуму эсептелет.**

**2011-жылы жаңы тутумду ишке киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынган, бул «мектептен кесипке өтүү» тутумунда социалдык өнөктөштүккө негизги көңүл бөлүнөт. Андан соң бул тутумдун инструменттери жана түзүмү иштелип чыгып, 2017-жылы жалпы улуттук деңгээлде ишке киришти. Ошентип, Кыргыз Республикасында жаштар үчүн кесипке багыттоо тутумун иштеп чыгуу, айрыкча социалдык өнөктөштөргө маанилүү орун жана жоопкерчилик жүктөө жөнүндө чечим кабыл алуу менен эл аралык стандарттарга багыт алат.**

Кайрадан Түндүк Рейн-Вестфалия жергесине жана кесипке багыттоонун жаңы тутумуна кайрылалы. Маалыматты жакшы түшүнүү үчүн Германиянын билим берүү жаатындагы саясатына кыскача саякат жасайлы. Эгерде Сиз бул тутум менен мурдатан тааныш болсоңуз, маалыматты аттап өтсөңүз болот.

### Түндүк Рейн-Вестфалия жергеси (көк түс менен белгиленген)

1. Калкы: 17 894 182;
2. 5 500 жалпы билим берүү мектептеринде 1,92 миллион окуучу билим алат.



## *Экскурс: Германияда билим берүү жаатындагы саясат*

**Германияда билим берүү федералдык жерлердин иши болуп саналат. Бул эмнени түшүндүрөт?**

**Федералдуулук** — Германия Федеративдик Республикасындагы мамлекетти уюштуруу принциби болуп саналат. Ошондуктан Германия Федеративдик Республикасы жарым-жартылай эгемендүү жерлерден-федерация мүчөлөрүнөн куралган, алардын ар бири өзүнүн мамлекеттик милдеттерин аткарышат. Жана бардыгы биригип бир «жогорку бүтүндүктү» - федерацияны түзөт.

1990-жылдан баштап Германия Федеративдик Республикасы 16 жергеден турат. Жергелер парламенттик республикалар болуп эсептелет жана бардыгы бирге федеративдик мамлекетти түзүшөт. Федеративдик мамлекетте мамлекеттик милдеттер федерация менен федералдык жергелердин ортосунда мындайча бөлүштүрүлөт: эки саясий деңгээлде тең белгилүү бир (конституция менен бекитилген) милдеттер өз алдынча чечилет. Жана билим берүү жаатындагы саясатты түзүү - федералдык жергелердин милдети болуп саналат.

# 2.1 ТҮНДҮК РЕЙН-ВЕСТФАЛИЯ ЖЕРГЕСИНДЕ КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ТУТУМУ: МЕКТЕПТЕН - КЕСИПКЕ

Түндүк Рейн-Вестфалия жергесинде «мектептен кесипке өтүү» деп аталган жаңы тутум 2016-2017-жылдардан баштап ишке киргизилген. Бул тутум бардык окуучуларды көңүлдүн борборунда кармайт жана аларга «мектептен кесипке» өтүүдө колдоо көргөзөт. Бул учурдагы башка нерсе- окуучуларга кесипке багыттоо жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат эрте берилет, ошондой эле кесипти тандап алууда, кесиптик даярдыктан өтүү үчүн окуу жайына тапшырууда жардам көрсөтүлөт. Кесиптик даярдыктын же кесиптик окуунун жана муну менен бирге кесиптик жашоо-турмуштун башталышы мүмкүн болушунча көп сандагы жаштар үчүн ийгиликтүү болушу зарыл. Ошентип бул алдын алуучу, жаштарга багытталган, социалдык, экономикалык саясаттын жана эмгек рыногунун саясатынын бир бөлүгү болуп эсептелет. Бул багытта жүргүзүлгөн иштин максаты – бардык жаштар үчүн мектепти аяктаган соң кесиптик даярдык же окуу менен байланышкан кийинки болочок жашоо-турмуш эшигин кенен ачып берүү, ишти натыйжалуу жөнгө салуу менен окууга же жумушка кирерде керексиз кезек күтүүлөрдү болтурбоо болуп саналат. Бул учурда жаштарга жана алардын ата-энелерине кесиптер дүйнөсүнө кирүү жолунда туруктуу колдоо көргөзүлөт. Колдоо көргөзүүнүн ийгиликтүү болушу жаштарга чечимди туура эмес кабыл алуудан улам узак мөөнөттүү жумушсуздук мезгилин башынан өткөрбөшүнө жардам берет. Мындан тышкары, бул экономикага да жардамын тийгизет, анткени компаниялардын жакшы даярдыктан өткөн адистер менен камсыз болуусун шарттайт.

Акылдуу адамдар экономиканын өнүгүшүн тездетүү, ыкчамдатуу үчүн өтө зарыл. Бул учурда эрте жүргүзүлгөн кесипке багыттоонун мааниси өтө зор: окуу жайынан билим алуу же кесиптик даярдыктан өтүү чечимин кабыл алууда жана кайсы кесиптик чөйрөлөр эмгек рыногунда туруктуу келечеги бар экендигин түшүнүү үчүн абдан керектүү болуп саналат.

# 2.2 КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ТУТУМУН: МЕКТЕПТЕН КЕСИПКЕ ӨТҮҮНҮ АЛГА ЖЫЛДЫРУУ, ИЛГЕРИЛЕТҮҮ

### Ишти илгерилетүү үч борбордук ишмердүүлүк чөйрөсүндө жүргүзүлөт:

**I ишмердүүлүк тармагы:** Мектеп программасына киргизүү аркылуу үзгүлтүксүз кесипке багыттоо;

**II ишмердүүлүк тармагы:** башка катышуучу субъектилер (иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары, жаштардын демилгелери, ишканалар) тарабынан берилген ар түрдүү сунуштарды так түзүмгө келтирүү аркылуу кесипке багыттоону тутумдаштыруу;

**III ишмердүүлүк тармагы:** Жергиликтүү деңгээлде жөнгө салуу.

### Бул үч ишмердүүлүк тармагы алдына төмөнкү максаттарды коёт:

1. Бардык жаштарга кесип тандоо жана билим алуу тууралуу чечим кабыл алуу процессинде көмөктөшүү;
2. Кесип тандоо жаатында чечим кабыл алуу үчүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү – жаштарды даярдоо жана чечим кабыл алууга жөндөмдүү болушуна жетишүү;
3. Окууга же жумушка кабыл алууда кезек күтүүлөрдүн санын кыскартуу, мектепти аяктаган соң дароо эле кесиптик даярдыктан өтүү же окуу жайына кирүү үчүн орундарга ээ болуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүү;
4. Мектептен кесипке өтүүнү жалпы ачык-айкын жана туруктуу тутумга кайра өзгөртүп түзүү;
5. "Алдын алуу – дарылоодон (б.а. кийин көйгөйлөрдү чечүүдөн) жакшы»!
6. Бардык субъектилер бирге иш жүргүзүшөт! Ар бири – өзүнүн укуктук базасынын жана ресурстарынын чегинде иштейт.

**I ишмердүүлүк тармагы (ИТ): Мектеп программасына киргизүү аркылуу үзгүлтүксүз кесипке багыттоо: 8-9-класстардан баштап максаттуу кесипке багыттоо программасы**

Кесипке багыттоо программасы Түндүк Рейн-Вестфалиядагы бардык 5 500 жалпы билим берүү мектептеринин окуу программасына киргизилген жана иш алып барат. Мектептер кесипке багыттоо программасын дисциплиналар аралык негизде жүргүзүшөт жана бул максатта кесипке багыттоо программасын өтүү боюнча мектептин менчик программасы болуп эсептелген атайын окуу мерчемин пайдаланышат. Ошентип, мектепте өтүлүүчү сабактардын жүрүшүндө бардык сабактар өздөрүнүн өзгөчөлүктүү компетенциялар тармагы менен 5-класстан баштап окуучулардын кесипке багыттоонун аспектилери менен тааныша башташына өз салымын кошушат. Максаттуу кесипке багыттоо программасы 8,9-класстардан башталат. Бардык мектептер аткарууга тийиш болгон милдеттүү стандарттык элементтер бар жана ага кошумча айрым стандарттык элементтер (мисалы, өзгөчө керектөөлөрү бар же ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн) аткарылат.

Төмөнкү беш жетектөөчү принцип билим алуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу кесипке багыттоо жана кеңеш берүү алкагында жүргүзүлүүчү мектептик практиканы мүнөздөөгө багытталган:

1. Билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө кесипке багыттоо жана кеңеш берүү жекече колдоо көрсөтүүнүн курамдык бөлүгү катары бардык жалпы билим берүүчү мектептердин милдети болуп саналат. Бул мектепти аяктаган соң мыкты натыйжаларды жана кийинки баскычка (кесипке даярдыкка) түз жана үзгүлтүксүз «өтүүнү» камсыз кылат;
2. 5-класстан баштап бардык предметтер окуучулардын компетенцияларын өстүрүүгө тийгизген өзүнүн өзгөчөлүктүү таасирлери аркылуу жана жашоо-турмуш менен кесиптик ишмердүүлүк дүйнөсүнүн карым-катышы аркылуу билим алуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча кесипке багыттоо боюнча кеңеш берүүнүн тутумдуу жараянына өз салымын кошушат. Сабактар аралык жөнгө салуу мектептин окуу мерчеминде билим алуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча кесипке багыттоо жана кеңеш берүү программасын бекитүү менен камсыз кылынат;
3. Бардык окуучулар кесипке багыттоо жана кеңеш берүү программасынын алкагында милдеттүү жана мектептин ички эрежелери менен бекитилген иш тартиби аркылуу 8-класстан баштап мектепте жана мектептен тышкары өткөрүлгөн иш-чараларда, өндүрүш ишканалары жайгашкан жерлерде өздөрүнүн кызыгууларын, жөндөмдүүлүктөрүн «сынап» көрүүгө жана иш жүзүндө тажрыйбага ээ болууга мүмкүнчүлүк алышат;
4. Окуучулардын өзгөчөлүк топтору, мисалы адистешкен же жогорку окуу жайларга өтүүгө укук берген жетилүү аттестатын алуу максатында билим алган окуучулар, ошондой эле өзгөчө керектөөлөрү бар окуучулар кошумча конкреттүү милдеттүү стандарттык элементтерди ала алышат, муну менен алардын билим алуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча кесипке багыттоо жана кеңеш берүү жараянына максаттуу колдоо көргөзүлөт;
5. Окуу жайларында билим алуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча кесипке багыттоо жана маалымат берүү алкагында үзгүлтүксүз кеңеш берүү жараяны камкорчуларды, иш менен камсыздоо кызматтарын ж.б.субъектилерди камтыйт. Ал окуучулардын өзүн таанып билүү, жараянды биргелешип түзүү жана кесипке ийгиликтүү өтүүдө байланыштыруучу элемент катары кызмат кылат.

Эл аралык стандарттарга ылайык, кесипке багыттоо программасы беш баскыч боюнча ишке ашырылат:

*Бул беш баскыч Сизге мурунтан эле тааныш көрүнүп жатабы?*

*Сиз туура баамдадыңыз, бул беш баскыч Кыргызстандын 9-класстарынын окуучу балдар-кыздары үчүн иштелип чыккан кесипке багыттоо программасынын беш баскычынын дал өзү болуп саналат!*

**1-баскыч: Өзүн таануу, өз мүмкүнчүлүктөрүн баамдап түшүнүү**

8-класстан баштап бардык окуучулар, ошондой эле алардын ата-энелери кесипке багыттоо программасынын башталышы тууралуу маалымат алышат. Окуучулар портфолио түзүп, өздөрүнүн кесипке багыттоого тиешелүү материалдарын топтошот.

Өз дараметине талдоо жүргүзүү окуучулардын бардыгына программанын башталышында эле жеке көз караш-пикирлерине жана сырттан көз салган адамдардын байкоолоруна негизделген өздөрүнүн жекече, социалдык жана предметтик мүмкүнчүлүктөрүн негиздүү баалоого мүмкүндүк берет. Бул үчүн сабактар учурунда кызыгуулары жана компетенциялары тууралуу ой жүгүртүү үчүн тесттер жана көнүгүүлөр сунушталат. Дараметине талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары окуучулардын андан ары өнүгүшү жагынан бааланат жана портфолионун тиешелүү инструментине документтештирилет.

**2,3-баскычтар: Эмгек дүйнөсү жана билим алуу жолдору менен таанышуу**

Бул баскычтардын максаты - бардык окуучуладын аймактык эмгек жана кесип дүйнөсү тууралуу билим алуу жана өз дараметин талдоонун алкагында алган билимдерин алгачкы кесипке багыттоо үчүн колдонуу болуп саналат. Бул максатта алар бир нече кесиптик тармактарды окуп үйрөнүшөт жана алган тажрыйбасын башка адамдар (классташтары, мугалимдер, камкорчулар, кесип тандоо жана жумушка орношуу боюнча кеңеш берүүчүлөр) менен талкуулашат. Баалоонун жыйынтыктары портфолионун тиешелүү инструментине документтештирилет.

**4-баскыч. Эмгек дүйнөсү менен таанышуу жана иш жүзүндө сынактан өткөрүү:**

1. **Кесипке багыттоо**

Ишканаларга жүргүзүлгөн экскурсиялардын максаты – максаттуу топтордогу окуучулар үчүн ылайыктуу болгон жана ошол аймакта жайгашкан ар түрдүү ишканалар, кесиптик тармактар, кесиптер, жумушчу орундар жана жараяндар менен таанышуу болуп эсептелет.

Программа 9-класстан баштап ишке киргизилет, ошону менен бирге эле кесиптик окуу жайларга же университеттерге баруу уюштурулат. Бул учурда окуучулар кесиптик ишмердүүлүк менен иш жүзүндө таанышышат жана өз көндүмдөрүн жана кесиптик жарамдуулугун тереңирээк сынап көрүшөт. Окуучулар жалпы эмгек рыногунда 3 компанияга чейин экскурсияга баруу менен иш процесси тууралуу конкреттүү түшүнүк алышат. Ата-энелер бул жараянга системалуу жана тиешелүү түрдө катышуусу зарыл.

Бул иш жүзүндө кантип иштейт? 9-класстын окуучулары окуу жылы ичинде кесиптер менен таанышуу максатында 3 күндүк экскурсия көлөмүндө программаны аткарышат. Экскурсиялар мүмкүн болушунча ишканалардын өзүндө жүргүзүлүшү жана бир иш күн процессин чагылдырышы зарыл. Окуучулар ишкана боюнча экскурсияга барышат («фабрикага тур»), же команда менен реалдуу өндүрүштүк милдеттерди аткаруунун үстүндө иштешет. Окуучулар конкреттүү тажрыйбага ээ болушат жана өз тажрыйбасында эмгек дүйнөсү менен таанышат. Экскурсия окуучулар өзүнүн дараметине талдоо жүргүзүп, өз компетенциялары жана кызыгуулары менен таанышкандан кийин өткөрүлөт. Мындан тышкары мектепте экскурсияга алдын ала даярдык көрүү жана ишканага барып таанышып келгенден кийин талкуу жүргүзүлөт. Бул боюнча конкреттүү практикалык мисалдарды 4-баптан таба аласыз.

**2. Билим алуу үчүн мүмкүнчүлүктөр дүйнөсүнө багыт алуу**

Мектептер университеттер менен ар түрдүү багытта билим алуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу кеңеш берүү маселелери боюнча кызматташат:

- ✓ жогорку окуу жайларда өткөрүлүүчү иш-чараларга катышуу;
- ✓ белгилүү бир адистешкен тема боюнча (мисалы, табигый илимдер/техника);
- ✓ жогорку окуу жайларынын мектептен тышкары окутуу жайлары катары катышуусу (мисалы, окуучулар үчүн лабораториялар);
- ✓ кеңселер жана иш менен камсыздоо кызматтары тарабынан жогорку окуу жайларында окуу маселелери боюнча кеңеш берүү сунуштары;
- ✓ жогорку окуу жайларда өткөрүлүүчү маалыматтык иш-чараларга катышуу (мисалы, «Ачык эшиктер күнү»).

**3. 9-класста кесиптик тажрыйбадан өтүү**

Бул иштерге кошумча окуучулардын ар бири белгилүү бир кесиптик чөйрөдө компаниялардын биринде тажрыйбадан өтүшөт. Тажрыйба көбүнчө эки-үч жума аралыгында бир ишканада өткөрүлөт. Кесиптик тажрыйбанын максаты – окуучуларды жумуш орундары жана түзүмдөр менен тике тааныштыруу болуп эсептелет, анын жүрүшүндө окуучулар жаамат менен иштегенди үйрөнүшөт, ишке өз салымын кошушат.

Тажрыйба өтүү тартиби төмөнкүдөй жүргүзүлөт: мектептер тажрыйба өтүү үчүн окуучулардын атайын милдеттерин аныкташат. Ишканалар жана мектептер окуучуларга тажрыйба өтүү учурунда кеңеш беришет жана тиешелүү түрдө тажрыйба өтүүчүлөр менен тажрыйбага жетекчилик кылган окутуучулардын ортосундагы дасыккан кайтарым байланышты камсыз кылышат. Алар ишмердүүлүк тармагын жоболоштурат жана окуучулардын ишине көз салышат. Окуучулар өз тажрыйбасы тууралуу маалымат менен бөлүшүүгө, кесип тандоо жана чечим кабыл алуу боюнча өзүнүн жеке көз карашынан ой жүгүртүүгө мүмкүндүк алышат жана бул тууралуу портфолиодо иш кагаздарын топтошот.

### 5-баскыч: «Өтмөктөрдү» түзүү жана чечим кабыл алуу

10-классты окууну аяктаган окуучулар окууну аяктаганга чейинки жалпы билим берүү мектебинде (мектепте милдеттүү билим алуу алкагында ) бир жылдын ичинде же акыркы жыл аралыгында кесиптик билим берүүнүн дуалдык (теориялык жана тажрыйбалык) тутумундагы (маалыматтык терезени караңыз) окуу жайлардын бирине билим алуусун улантуу үчүн документтерин тапшырары же мектептин 11,12,13-классында окуй тургандыгы жөнүндө чечим кабыл алышат. Бул чечимди кабыл алуу учурунда окуучуларга колдоо көргөзүлөт жана алар кесипти жана адистикти тандап алуу алкагында портфолионун тандалып алынган инструментинде топтолгон жана документтештирилген тажрыйбасынын негизинде кесиптик окууну баштай тургандыгы же мектепте окуусун уланта тургандыгы жөнүндө арыз жазуу баскычын план ченемдүү жана максаттуу түрдө жол-жоболоштурат.

Бул жерде камсыздоо кызматтары менен кызматташып, алардын жекече кесиптик кеңеш берүү кызмат-сунуштарынан пайдаланышат.

*Субъектилер ортосундагы кызматташуу ийгиликтин себепчиси болуп саналат:*

*Сереп салуунун жүрүшүндө ачык-даана көрүнгөндөй, кесипке багыттоонун мындай программасы социалдык өнөктөштүктүн алкагындагы көмөк көрсөтүү жана кызматташуу болгондо гана ишке ашат!*

*Кесипке багыттоо максаттары үчүн мектептер башка субъектилер, мисалы иш менен камсыздоо кызматтары, жогорку окуу жайлары, кесиптик окуу жайлар, жаштар уюмдары, ошондой эле ишканалар менен тыгыз жана макулдашылган түрдө кызматташат.*

*Ошол себептүү кесипке багыттоо тармагында социалдык өнөктөштүк үлгүсү иштелип чыккан.*

**II ишмердүүлүк тармагы (ИТ): Кесипке багыттоо жана кеңеш берүү ишине катышкан башка субъектилер (иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары, жаштар демилгелери, ишканалар) тарабынан берилген сунуштардын көп түрүн так түзүмдөө аркылуу кесипке багыттоону тутумдаштыруу**

Билим алуу маселелери боюнча кесипке багыттоо жана кеңеш берүү жаатында окуучуларга туруктуу колдоо көрсөтүү үчүн мыкты демилгелердин жана концепциялардын саны бир кыйла көп. Жалпы билим берүүчү мектептен кесиптик даярдоо жараянына өтүү сунуштары адистердин өсүп келе жаткан жаңы мууну менен камсыздоого жана муну менен бирге кесиптик даярдыктан өтүү келечегин ишке ашырууга кызмат кылат. Бул иштин максаты – өтүү жараянын оптималдаштыруу үчүн колдо бар сунуштардын түрүн системага келтирүү жана санын кыскартуу болуп саналат. Бул кесипке багыттоо жана кеңеш берүү ишине катышкан бардык субъектилерге болочок сунуштардын түрлөрү жөнүндө маалымат берилиши керектигин түшүндүрөт. Анын ичинде бирдиктүү макулдашууга жана келишимдерге жетишүү үчүн максаттуу топтордун так классификациясы камтылышы зарыл. Мындан тышкары, иш-чараларга болгон сунуштар жана керектөөлөр дагы муниципалитеттердин/коомчулуктун деңгээлинде жөнгө салуунун алкагында системага келтирилиши керек (мындан сунуштардын түрүнүн кыскарышы же кеңейиши ыктымал).

Бул ишти аткарууда субъектилер аралык кызматташуунун жаңы түрлөрүн туруктуу тутумдаштыруу, көзөмөл кылуу, алдын алуу, дараметин кеңейтүү жана өнүктүрүү принциптерин сактоо талап кылынат.

**III ишмердүүлүк тармагы (ИТ): Ишти жергиликтүү деңгээлде жөнгө салуу**

Муниципалитеттердин/коомчулуктун деңгээлинде ишти жөнгө салуунун максаты – «мектептен-кесипке» өтүүнүн туруктуу жана системалуу тутумун түзүү үчүн шарт түзүү, андан ары өнүктүрүүгө салым кошуу, пайдасы аз артыкбаш иш-чараларды жоюу, таркатуу болуп саналат. Бул учурда өнөктөштөрдүн жоопкерчилик чөйрөсү сакталат.

Муниципалитеттердин/коомчулуктун деңгээлинде ишти жөнгө салуунун алкагында аймактык өнөктөштөр менен кызматташуу жана милдеттерди бөлүштүрүү жаатында өз ара түшүнүшүү орношуна, аткаруучу милдеттер аныкталышына, келишимдер жана макулдашуулар түзүлүп жана сакталышына муниципалитет/коомчулук кам көрөт.

Бул жагынан алганда федералдык жергелердин деңгээлиндеги өнөктөштөр өздөрүнүн аймактык институттарына таасир тийгизет.

### Муниципалитеттердин/коомчулуктун деңгээлинде ишти жөнгө салуу:

☐ билим берүү боюнча тил табышууга катышкан өнөктөштөрдү, андан тышкары «өтүү» тутуму үчүн маанилүү болгон субъектилерди туташтырат;

☐ өнөктөштөр ортосундагы ачык-айкындыкка, коммуникацияга жана кызматташууга тиешелүү максаттар, макулдашуулар жана эрежелер тууралуу келишимдер аткарылышы үчүн жана өз ара аракеттенишүүдө байланыш түйүндөрүн оптималдаштыруу, өнүгүү процессине өбөлгө түзүү максатында субъектилерге карата демилгелерди сунуштайт;

☐ макулдашылган иштин жүрүшү кандайча жана ким аркылуу ишке ашырылары, натыйжалуулугу, ошондой эле сапат кепилдиги жана өнүгүшү тууралуу тиешелүү өнөктөштөр менен келишимдерди түзөт.

Кийинки бапта мындай кызматташуу муниципалитеттердин/коомчулуктун деңгээлинде кандайча ишке ашырылары жана Түндүк Рейн-Вестфалия жергесинде социалдык өнөктөштүк үлгүсүн иш жүзүнө ашыруу үчүн кандай түзүмдөр түзүлгөндүгү тууралуу түшүндүрмөлөр берилет.

## *Экскурс: Германиядагы дуалдык (теориялык жана тажрыйбалык) билим берүү*

Германиядагы кесипке багыттоо тутумунун эл аралык деңгээлдеги кадыр-баркы өтө жогору. Көптөгөн калыс талдоочулардын пикири боюнча бул тутум ийгиликтүү иштегендиктен Германияда жаштар арасындагы жумушсуздук деңгээли башка өлкөлөр менен салыштырмалуу төмөн. Мектепти аяктагандан кийин окуучулардын 50% дуалдык кесиптик билим берүүнүн алкагында окуй тургандыгы жөнүндө чечим кабыл алышат жана өлкөнүн жумушка жарамдуу калкынын көпчүлүгү жогорку окуу жайына тапшырбастан, кесиптик даярдыктан өтүү алкагында кесипке ээ болушкан.

**Дуалдык билим берүү тутуму кандай иштейт?**

1. Дуалдык билим берүү тутумунун алкагында окутуу жараяны эки жерде – ишканада жана кесиптик окуу жайда жүрөт;
2. Германиияда дуалдык билим берүүнүн алкагында кесиптик даярдоонун милдеттүү шарты катары ишкана менен кесиптик даярдоо жөнүндө түзүлгөн келишимдин болушу эсептелет;
3. Түзүлгөн келишимдин негизинде кийин окуучулар келүүчү кесиптик окуу жайы ишкананын жайгашкан ордуна же кайсы аймакка таандык экендигине жараша аныкталат;
4. Ишканада окуучулар кесиптик даярдыктын практикалык бөлүгүн өтүшөт, теориялык окутуу жагын кесиптик окуу жайы өзүнө алат.

# 3 КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ТАРМАГЫНДА СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮКТҮН ҮЛГҮСҮ – ГЕРМАНИЯНЫН ТАЖРЫЙБАСЫ

## Түндүк Рейн-Вестфалия жергесиндеги социалдык өнөктөштүк үлгүсүнүн түзүмү

**Ишти жөнгө салууга ким жоопкерчиликтүү болуп эсептелет?**

Түндүк Рейн-Вестфалия жергесиндеги «Билим берүүдө тил табышуу» деп аталган ыкма - өнөктөштүктүн негизинде билим берүү процессин түзүүнү түшүндүрөт жана өнөктөштүктүн негизинде билим берүүгө жоопкерчилик алат. Билим берүү жаатындагы саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу максатында «Түндүк Рейн-Вестфалиянын билим берүүдө тил табышуу» Жогорку органы түзүлгөн. Бул Жогорку органдын мүчөлөрү болуп федералдык жергенин өкмөтү, экономикалык уюмдар, кесиптик бирикмелер, эмгек иштери боюнча башкармалыктар жана муниципалитеттер/коомчулуктар эсептелет. Ал 1996-жылы түзүлгөн жана ошол мезгилден бери карай анын жогорку максаты - билим алууга жөндөмдүү жана буга умтулган бардык жаштарга дасыккан билим берүү болуп саналат жана «Түндүк Рейн-Вестфалия жергесиндеги билим алууну каалаган ар бир жаш адам билим алат» деп аталат.

**Билим алууга жөндөмдүү жана буга умтулган бардык жаштарга дасыккан билим берүү максатына кандайча жетишүү керек?**

Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн кесипке багыттоо жаатында социалдык өнөктөштүк үлгүсү иштелип чыккан.

## Кесипке багыттоо жаатында социалдык өнөктөштүк үлгүсүнүн максаттары

Кесипке багыттоо тутумун иштеп чыгуу үчүн негизги жана чечүүчү фактор болуп «Түндүк Рейн-Вестфалиянын билим берүүдө тил табышуу» Жогорку органындагы макулдашуулар эсептелет. Өнөктөштөр орган тарабынан 2011-жылы документтештирилген чечимдериндеги төмөнкү негизги максаттарды көздөп тиешелүү салымын кошууда:

1. Бардык окуучулар үчүн туруктуу кесипке багыттоо программасын бекитүү;
2. Кесиптик даярдык жана кесиптик билим берүү жана окуу жайларында окутуу аркылуу сунуштардын шайкеш жана так түзүмүн түзүү менен мектептен кесипке өтүү процессин тутумдаштыруу;
3. Кесиптик окутуу мумкүнчүлүктөрүнүн ачык-айкындыгын, кесиптик даярдыктан өтүүгө жана дасыгын жогорулатуу иш-чараларына (кайра даярдоого) катышуунун ыңгайлуулугун жогорулатуу;
4. Жаштарды окутуу процессине же эмгек рыногуна болушунча тез ыңгайлаштыруу.

### «ТРВ «Билим берүүдө тил табышуу» Жогорку органынын уюштурулушу

«Түндүк Рейн-Вестфалиянын билим берүүдө тил табышуу» Жогорку органынын кеңсеси Эмгек министрлигине караштуу болуп саналат. « Билим берүүдө тил табышуу» Жогорку органы билим берүү рыногунун тиешелүү өнүгүшүнө үзгүлтүксүз жана өз убагында талкуу жүргүзүү жана аткарылган иш-чаралар менен долбоорлордун ийгиликтүү жүрүшүн текшерүү үчүн жогорку деңгээлде жылына бир нече жолу жана өндүрүштүк деңгээлде ай сайын чогулуп турат.

### «ТРВ «Билим берүүдө тил табышуу» Жогорку органынын мүчөлөрү":

1. Эмгек, саламаттык сактоо жана социалдык маселелер министрлиги;
2. Мектеп жана билим берүү маселелери министрлиги;
3. Экономика, инновация, санариптештирүү жана энергетика министрлиги;
4. Маданият жана илим министрлиги;
5. Балдар, үй-бүлө иштери, качкындар жана интеграция маселелелери министрлиги;
6. Иш менен камсыздоо кызматынын аймактык дирекциясы;
7. Ишкерлер бирлигинин жергелик бирикмеси;
8. Немис кесиптик бирликтер бирикмеси уюму;
9. IHK NRW – ТРВ жергесинин соода-өнөр жай палатасы;
10. Кол өнөрчүлөрдүн батыш-герман палатасы;
11. Ишкерлердин «Кол өнөрчүлүк»бирлиги;
12. Эркин кесиптер кызматкерлеринин бирикмеси;
13. Шаарлардын жана коомдордун герман бирлиги;
14. Иш берүүчүлөрдүн муниципалдык бирлиги.

### Социалдык өнөктөштүк үлгүсүн аймакта ишке ашыруу

Социалдык өнөктөштүк үлгүсүн аймакта ишке ашыруу 16 округдун деңгээлинде жүргүзүлөт, бул үчүн Түндүк Рейн-Вестфалиянын округуна баш ийген бардык 53 райондорунда жана шаарларында координациялоо кеңселери түзүлөт.

### Жергиликтүү координациялоо кеңселери

Муниципалитеттер/коомчулуктар кесипке багыттоо тутумунун алкагында борбордук орунда турат. Бул жерде координациялык маанилүү милдеттерди аткаруу зарыл, анткени башкы максат-кесипке багыттоого тиешеси бар жана олуттуу, жергиликтүү деңгээлде ишмердүүлүк жүргүзгөн бардык субъектилерди жана өнөктөштөрдү бириктирүү болуп саналат.

Ошентип, райондук координациялоо кеңселеринин милдети – «мектептен-кесипке» өтүүнүн туруктуу жана тутумдашкан процессин демилгелөө, керектүү макулдашуу процесстерин уюштуруу, үзгүлтүксүз андан ары өнүгүшүнө салым кошуу жана ар түрдүү иш-чаралардын көптүгүн максаттуу түзүү болуп эсептелет.

Жергиликтүү деңгээлде координациялоонун алкагында өз ара аракеттешүү менен жана жоопкерчиликтерди бөлүштүрүү маселелеринде аймактык өнөктөштөр өз ара түшүнүшүүгө, ролдорду тактоого жана белгилөөгө, келишимдердин жана макулдашуулардын аткарылышына жетишүү ишке ашырылат.

### Координациялоо кеңселеринин милдеттери:

1. Кесипке багыттоого кызыктар жана маанилүү, кадыр-барктуу субъектилерди ишке тартуу;
2. Өз ара аракеттенишүү жана жоопкерчиликтерди бөлүштүрүү маселелеринде маанилүү, кадыр-барктуу субъектилер менен өз ара түшүнүшүүгө, ролдорду тактоого, келишимдер тууралуу макулдашууга жетишүү;
3. Координациялоо кеңселери өнөктөштөр ортосундагы ачык-айкындыкка, коммуникацияга жана кызматташууга тиешелүү максаттар, макулдашуулар жана эрежелер тууралуу келишимдер аткарылышы үчүн жана өз ара аракеттенишүүдө байланыш түйүндөрүн оптималдаштыруу, өнүгүү процессине өбөлгө түзүү максатында субъектилерге карата демилгелерди сунуштайт;
4. Биргелешкен отурумдардын жүрүшүндө максаттар белгиленет, субъектилер ортосунда ачык-айкындык, коммуникация жана кызматташуу жаатында келишимдер түзүлөт жана эрежелер аныкталат;
5. Тиешелүү субъектилер менен бирге кандайча жана ким аркылуу ишке көзөмөл жүргүзүлөрү, натыйжалуулугу, ошондой эле белгиленген иштердин сапат кепилдиги жана өнүгүшү тууралуу макулдашылат;
6. Максаттарды ишке ашыруу үчүн федералдык жерге жана муниципалитеттер/коомчулуктар ишти биргелешип мерчемдөө тууралуу келишимдерди түзүшөт.

### Жергиликтүү координациялоо кеңселери– катышкан субъектилер жана өнөктөштөр:


1. Муниципалитеттер/коомчулуктар (өзүн-өзү башкаруу коммуналдык органдары);
2. Иш менен камсыздоо кызматтары;
3. Мектептер;
4. Кесиптик мектептер;
5. Университеттер;
6. Жаштарга жардам берүү уюмдары / Жаштар уюмдары;
7. Билим берүү мекемелери;
8. Экономикалык уюмдар;
9. Палаталар (мисалы: Соода-өнөр жай палатасы);
10. Кесиптик бирликтер.

*Бул кесипке багыттоо тутумунун ийгилигинин факторлору:*

- *Федералдык жергелердин Өкмөтү, айрыкча Билим берүү министрлиги мектептерге кесипке багыттоонун максаттары үчүн тутумдуу сунуштарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, жалпы процессти башкаруу керектүү көлөмдөгү адистик жана материалдык ресурстарга ээ болууга колдоо көрсөтөт;*
- *Эмгек министрлиги иш менен камсыздоо кызматтарын мектеп менен кызматташуусун, кесипке багыттоо боюнча иш-чараларды координациялоосун камсыз кылат, бул кесипке багыттоо жана кеңеш берүү процессине керектүү өбөлгө түзөт;*
- *иштиктүү чөйрөлөр, палаталар жана социалдык өнөктөштөр кесипке багыттоонун милдеттерин аткаруу, кесипке багыттоо жана кесиптик даярдоо алкагында практикалык өндүрүштүк тажрыйба алууга мүмкүндүк берүү максатында ишке жигердүү киришүүдөгү өз иш-аракеттерин жогорулатууга кам көрөт;*
- *райондук координациялык кеңселер субъектилердин кызматташуусуна багыт берет.*

*Ийгиликке жетүүнүн олуттуу фактору болуп жаштарды кесипке багыттоо алкагында субъектилердин кызматташуусу жана өз ара байланышы эсептелет!*

# ГРАФИКАЛЫК ЧИЙМЕ: ТҮНДҮК РЕЙН-ВЕСТФАЛИЯ ЖЕРГЕСИНДЕ КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ТАРМАГЫНДА СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮКТҮН ҮЛГҮСҮ



# 4 ТАЖРЫЙБАДАН МИСАЛДАР: ЖАШТАРДЫ КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ЖАНА КЕҢЕШ БЕРҮҮ АЛКАГЫНДА СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТӨРДҮН КЫЗМАТТАШУУСУ

**Бул бапта Германиянын жана Кыргызстандын катышуучуларынын ортосундагы координациялоо жана кызматташуу мисалдары берилген, ал мисалдарды Кыргызстанда кесипке багыттоо жана кеңеш берүү алкагында социалдык өнөктөштүк тармагындагы кызматташуу туруктуу бекемделиши үчүн социалдык өнөктөштүктү алга жылдырууга өбөлгө түзүү жана көмөк көрсөтүү катарында колдонууга болот.**

**Алгач мектеп менен маанилүү башка субъектилердин ортосундагы кызматташууну көргөзүү үчүн Түндүк Рейн-Вестфалия жергесиндеги мектепте координациялоо тутумунун уюштурулушун алып карайбыз. Андан соң практикалык конкреттүү мисалдарга көңүлүңүздөрдү бурабыз.**

## 4.1 ТҮНДҮК РЕЙН-ВЕСТФАЛИЯ ЖЕРГЕСИНДЕ МЕКТЕПТИН 8-9-КЛАССТАРЫНДА КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА МЕКТЕПТЕ КООРДИНАЦИЯЛОО КАНДАЙ ИШТЕЙТ?

Билим алуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча кесипке багыттоо жана кеңеш берүү алкагында бардык иш-чараларды мектепте координациялоо мектеп жетекчисинин жоопкерчилигинде болот. Мектеп жетекчиси кесипке багыттоо программасын координациялоодо жардам көргөзгөн педагогдорду дайындайт. Координаторлор катары дайындалган ал педагогдор жана зарыл учурда мектептин социалдык иштер боюнча адистери мектептин психологдору кесипке багыттоо программасын мектеп ичинде да, жана мектептин тышкы өнөктөштөрү менен иштешүүдө да координациялайт.

### Кесипке багыттоо маселелери боюнча команда

Түзүлгөн командага төмөнкү милдеттер жүктөлөт:

1. Иш менен камсыздоо кызматтары менен кызматташып жылдык иш мерчемин түзүү жана аны иш жүзүнө ашырууда коштоп жүрүү;
2. Мектептик өндүрүштүк тажрыйбаны координациялоо;
3. Мектептен тышкары өнөктөштөр менен кооперация түзүү;
4. Маалыматтык иш-чараларды уюштуруу.

Ачык көрүнүп тургандай, мектептер кесипке багыттоо маселелери боюнча башка катышуучулар менен: мисалы, иш менен камсыздоо кызматтары, ЖОЖдор, кесиптик мектептер, ошондой эле ишканалар менен тыгыз кызматташат.

### Кесипке багыттоо кеңсеси

Кесипке багыттоо кеңсеси маалымат алмашуу, аны талкуулоо жана координациялоо милдеттерин аткаруу үчүн мектептик байланыш жайы катары кызмат кылат. Анын максаты билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө кесипке багыттоо жана кеңеш берүү алкагында бардык иш-чараларды мектепте үзгүлтүксүз жана ачык-айкын өткөрүлүшүн координациялоо жана бардык кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү болуу.

**Максаттуу топ:** Бардык окуучулар, педагогдор, мектептин социалдык иш боюнча адистери, иш менен камсыздоо кызматынын кесип тандоо боюнча кеңешчилери, ата-энелер, жаштар уюмдары сыяктуу мектептен тышкары өнөктөштөр ж.б.

**Кызмат-милдеттери:** Кесипке багыттоо кеңсеси мектептик байланыш жайы катары кызмат кылат, анткени ал мүмкүн болушунча күн сайын белгилүү бир сааттарда кабыл алуу жана кеңеш берүү үчүн ачык болот. Анын карамагында туруктуу бир байланыштыруучу адам - мектептин педагогу же социалдык иш боюнча адиси, же ата-энелер жана ыктыярчылар сыяктуу башка ыйгарым укуктуу өкүлү болот. Мындан тышкары, сабактардын учурунда же сабактан тышкары мезгилде жекече жолугушуулар үчүн убакыт чектеп макулдашып алууга мүмкүндүк түзүү керек. Окуучулар үчүн кесипке багыттоо тууралуу маалыматтык материалдарга, «Арыз тапшыруу», «Маектешүү» темалары, мансап тепкичин жана жашоосун мерчемдөө боюнча адабияттарга, ошондой эле окутуу программасынан жана аймакта такшалмадан өтүү үчүн бош орундар жөнүндө маалыматтарга жетүү жолу ачык.

# 4.2 АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН КАНТИП КЫЗМАТТАШЫП ЖАНА АЛАРДЫ ИШКЕ ТАРТУУ КЕРЕК?

Ата-энелер балдарына өзүнүн кесиптик тажрыйбасы менен таасир тийгизет. Ошондуктан алар дагы окуучуларга кесипке багыттоо жана окуу жайларында билим алуу мүмкүнчүлүгү тууралуу маалымат берүү процессинде маанилүү орунда турат. Алар балдарына кызыгууларын жана жөндөм-шыктарын таанып билүүдө, кандай кесипке ээ болуу аркылуу жашоо-тиричилик өткөрөрү жөнүндө реалдуу түшүнүк алууда жактыруу менен кубаттап турушу мүмкүн. Ошону менен бирге алар балдары мансаптык ой-тилектерин ишке ашыруусунда жана кесиптик максаттарына жетишүүсүндө колдоо көрсөтө алат. Ошондуктан, ата-энелер (камкорчулар) балдарынын окуу жайларда билим алуу мүмкүнчүлүгү тууралуу кесипке багыттоо жана кеңеш берүү алкагында жүргүүчү процесске тыгыз катышуусу чечүүчү роль ойнойт. Ата-энелер менен иш алып баруунун максаты: аларга кесипке багыттоо ишинин алгачкы баскычында иштин жүрүшү жана мазмуну жөнүндө системалуу сунуштарды жана маалымат берүү болуп саналат. Алар балдарынын мүнөзүнүн күчтүү жактарына багытталган кесипке багыттоо маселелеринде өздөрүнүн кубаттоочу ролун түшүнүп жана ишке жигердүү катыша баштаашат. Ошентип алар балдарын кесиптик турмуш жолунда кубаттап жана коштоп жардам көргөзүшөт.

**Ишке ашыруу:** Мектеп 8-класстан баштап окуу жылында бир жолу маалыматтык иш-чаралар аркылуу ата-энелерге окуу жайларда билим алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө кесипке багыттоо жана кеңеш берүү тармагында мерчемделген артыкчылыктар тууралуу маалымат берет.

# 4.3 МЕКТЕПТЕР ЖАНА ИШ МЕНЕН КАМСЫЗДОО КЫЗМАТТАРЫ КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ЖАНА КЕҢЕШ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДА КАНТИП КЫЗМАТТАШАТ?

Жергиликтүү эмгек рыногунун түзүмү жана керектөөлөрү менен жакшы тааныш болгондуктан, иш менен камсыздоо кызматтары мектептер менен айрыкча тыгыз кызматташат.

Бул кызматташуунун максаты: мектептин кесип тандоо маселелери боюнча иш-чаралары менен макулдашылган түрдө окуучуларга иш менен камсыздоо кызматынын кесип тандоо/ишке орноштуруу боюнча кеңешчилери аркылуу маалымат берүү.

### Иш менен камсыздоо кызматынын кесип тандоо боюнча кеңешчилеринин катышуусу менен кесипке багыттоо алкагында өткөрүлгөн иш-чаралар

Мектепте эң кеч дегенде 9-класста милдеттүү түрдө узактыгы 2 саатка созулган кесипке багыттоо иш-чарасы жана иш менен камсыздоо кызматынын кесипке багыттоо борборлорунда иш-чаралар сунушталат. Аларга төмөнкүлөр кирет:

1. Кесипти жана окууну тандоо маселелери;
2. Кесиптер жана алар койгон талаптар, иш менен камсыз болуу жана айлык акы табуу келечеги;
3. Кесиптик билим алуунун жолдору жана көмөк көрсөтүү;
4. Ишканалардагы, башкаруу түзүмдөрүндөгү жана эмгек рыногундагы кесип жагынан алганда маанилүү болгон тенденциялар.

Ар бир мектепке жергиликтүү иш менен камсыздоо кызматынан кеңешчи бекитилип берилет.

Кесипке багыттоо иш-чараларын мерчемдөө үчүн жыл сайы иш менен камсыздоо кызматынын кесип тандоо/ишке орноштуруу боюнча кеңешчиси менен мектептин координациялык кеңешмеси өткөрүлүп турат.

Талкуулоонун жүрүшүндө иш-чаралардын мазмуну, мөөнөтү жана сапат стандарттары жөнүндө макулдашуулар кабыл алынат, жыйынтыгы кызматташуу жөнүндө келишимде катталат.

### Иш менен камсыздоо кызматтарынын кесип тандоо боюнча кеңеш берүү чөйрөсүндөгү жекече кеңеш сунуштары

Кесипке багыттоо процессинин алкагында чечим кабыл алууда же өздөрүнүн мансап боюнча ой-тилектерин ишке ашырууда жекече колдоо көрсөтүүгө муктаж болгон окуучуларга иш менен камсыздоо кызматынын кесип тандоо ишке орноштуруу боюнча кеңешчиси жекече кеңеш берүү кызматын көрсөтөт. Ар бир мектепке жергиликтүү иш менен камсыздоо кызматынан кеңешчи бекитилип берилиши окуучулар үчүн жекече кеңеш берүүлөргө мүмкүнчүлүк түзөт. Мектеп жекече кеңеш берүүлөрдү колдойт жана айрыкча кесиптик чечим кабыл алууда же ишке ашырууда жекече колдоо көрсөтүүгө муктаж болгон окуучуларды бул сунуштан пайдаланууга кызыктырат. Окуучулар жергиликтүү иш менен камсыздоо кызматына кабыл алууга жазылышат же кеңешчи мектептин кесипке багыттоо кеңсесине келип кеңеш берет.

### Иш менен камсыздоо кызматтарына жана кесипке багыттоо борборлоруна барууну уюштуруу

Окуучулар жергиликтүү эмгек рыногу жөнүндө маалыматтарды тикелей иш менен камсыздоо кызматтарынан алышат, ошентип мекемелердин жайгашкан орду, алар сунуштаган кызматтар тууралуу билишет. Айрым шаарларда, мисалы Бишкекте – кесипке багыттоо борборлору да иштейт, анда окуучулар билим алуу жана окуу мүмкүнчүлүктөрү, эмгек рыногу жөнүндө толук маалымат алуу менен гана чектелбестен, кесиптик кызыгууларын жана компетенттүүлүгүн аныктоо боюнча тесттерден өтө алышат, ошондой эле ар түрдүү маалыматтык материалдарды ала алышат.

*Иш менен камсыздоо кызматтары жаштарды окуу процессине жана кесипке аралашып-жуурулушуп кетүүсүндө маанилүү орун ээлеген субъект болуп саналат!*

## КЫРГЫЗСТАНДАН МИСАЛДАР

Кыргызстанда 9-класстын окуучулары үчүн жакында иштелип чыккан кесипке багыттоо программасынын пилоттук тартибинин алкагында Бишкек, Каракол, Талас жана Нарын шаарларынын иш менен камсыздоо кызматтарынын кеңселерине барууну уюштурулду. Бул таанышуулар учурунда окуучулар жергиликтүү эмгек рыногу жөнүндө маалыматтарды тикелей иш менен камсыздоо кызматтарынын өкүлдөрүнөн алышты, ошентип мекемелердин жайгашкан орду, алар сунуштаган кызматтар тууралуу билишти.

**Төмөндө бул маалыматтык таанышуу учурунда алган айрым таасирлер берилди. Мисалы, Нарын шаарында ар түрдүү кесиптик мүмкүнчүлүктөрү жана билим алуу жолдору тууралуу көргөзмө даярдалган:**









# 4.4 МЕКТЕПТЕР МЕНЕН КЕСИПТИК ЛИЦЕЙЛЕРДИН ЖАНА КОЛЛЕДЖДЕРДИН ОРТОСУНДА КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ЖАНА КЕҢЕШ БЕРҮҮ ТАРМАГЫНДА КЫЗМАТТАШУУ КАНДАЙЧА ЖҮРӨТ?

Кесиптик лицейлер жана колледждер кесипке багыттоо алкагында маанилүү өнөктөштөр болуп эсептелет.

Арийне, бардык эле жаштар университетте окубайт, көпчүлүгү эмгек рыногуна эртерээк кирүүнү жана бул учурда оңтойлуу, ыңгайлуу иш менен алектенүүнү каалайт, ошондуктан, кесиптик лицейлерде же колледждерде кесиптик даярдыктан өтүүнү тандашат. Германияда 50%-га жакын жаштар бул жолду тандап алышат жана көпчүлүк учурда абдан жакшы кесиптик келечекке ээ болушат, анткени мыкты даярдыктан өткөн адистер жергиликтүү эмгек рыногунда өтө жогору суроо-талапка ээ болушат!

## Кесиптик лицейлерге барууну уюштуруу

Көбүнчө кесиптик окуу жайларда «Ачык эшиктер күнү» уюштурулат, анда окуучулар кесиптик лицейлердин жана колледждердин кесиптик даярдоо программаларынын сунуштары тууралуу ар тараптуу маалымат алышат, ошондой эле окутуучулар жана окугандар менен маалымат алмашат. Окуучуларга айрыкча чебер-класстардын уюштурулушу, ал тургай аларда өздөрү катышкандыгы абдан кызыктуу болот.

## Чеберканаларда, устаканаларда «Ачык эшиктер күнүн» уюштуруу

Кол өнөрчүлүк менен кызыккан окуучулар ал жерлерде өз колу менен «жаңы бир нерсе» жасап көрүүгө мүмкүнчүлүк алышат, ошентип тиешелүү кесиптик чөйрө менен иш жүзүндө таанышышат. Өндүрүш менен окшош шарттарда, бирок корголгон чөйрөдө ар түрдүү кесиптик чөйрөдөн тажрыйба алууга мүмкүн.

Мисалга алсак, жыгач иштетүүгө кызыккан окуучулар бир күн ичинде кесипкөйлөр менен биргелешип верстакта өз колу менен отургуч жасай алышат.

Кыргызстандан мисалдар. Кыргызстанда 9-класс үчүн жакында иштелип чыккан кесипке багыттоо программасынын пилоттук тартибинин алкагында Бишкек, Каракол, Талас жана Нарын шаарларынын иш менен кесиптик лицейлерине баруу уюштурулду.

Бул таанышуулар учурунда окуучулар лицейдеги окуу программасы менен таанышып, айрымдары ашпоз, тигүүчү же автомеханик кесиптерине окууга тапшыруу үчүн арыз берүүнү чечишти. Окуучулар үчүн «Тигүүчүлүк иши», «Чач тарач өнөрү», «Газ менен ширетүү» ж.б. адистиктер боюнча атайын чебер-класстар өткөрүлдү.

Окуучулар бул ишке жоопкерчиликтүү окутуучулардан өздөрүн кызыктырган кесиптик чөйрө, окууга тапшыргандарга коюлуучу талаптар, окуу жараяны жана бул тармактын эмгек рыногундагы келечеги тууралуу көбүрөөк маалымат алышты.



## ТӨМӨНДӨ КЕСИПТИК ЛИЦЕЙЛЕРГЕ БАРЫП ТААНЫШУУ УЧУРУНДА АЛГАН КЫЗЫКТУУ ТААСИРЛЕРДИ СУНУШТАЙБЫЗ:

Каракол шаарында кесиптик лицей менен таанышуу:





Талас шаарында кесиптик лицейге баруу:







## Нарын шаарында кесиптик лицейге баруу:





## Бишкек шаарындагы кесиптик лицейге баруу:





### Атайын уюштурулган окуу сабактарына катышуу

Белгилүү бир кесиптерге кызыккан окуучулар атайын уюштурулган сабактарга (предмет боюнча) катыша алышат, анда алар бул кесиптик окуу алкагында аларды эмне күтүп турары тууралуу толук түшүнүк алуу үчүн маалыматка ээ болушат.

### Окугандар менен маалымат алмашуу

Көпчүлүк учурда ошол окуу жайда окугандар өздөрүнүн окуу дүйнөсү менен кеңири тааныштырып бергендиги окуучуларга абдан кызыктуу, анткени окуучулар аларды кызыктырган суроолорго тикелей жооп алышат. Германияда бул максатта «Окуу боюнча элчилер» даярдалат.

### «Окуу боюнча элчилер» эмне иш аткарышат?

1. Бул окуучулар мектептик кесипке багыттоо ишине көмөк көргөзүшөт, жалпы билим берүүчү мектептерге барып өздөрүнүн окуу программасы менен тааныштырышат;
2. Алар жеке тажрыйбасы менен бөлүшүшөт, өздөрүнүн кесипке кирүү жолу, окуу алкагындагы күндөлүк турмуш жана тиешелүү тармактардагы мансаптык мүмкүнчүлүктөр тууралуу айтып беришет;
3. Максаты: окуучуларга үлгүлүү жаштарды көргөзүү.

### Кесиптик окуу жайлардын окутуучуларынын катышуусу менен маалыматтык иш-чаралар

Кесиптик окуу жайында бир окуу жылындагы бардык окуучулар үчүн «Ачык эшиктер күнүн» өткөрүүгө мүмкүн болбой калышы да ыктымал. Андай учурда мындай жакшы идея– лицейдин же колледждин жетекчисин же окутуучуларын мектепке чакырып, өздөрүнүн окуу программалы жөнүндө бир катар сунуштарын айтып берүүсүн өтүнүү жана окуучуларга суроо-жооп алууга мүмкүнчүлүк түзүү сунушталат.

# 4.5 УНИВЕРСИТЕТТЕР МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ КАНДАЙЧА ЖҮРГҮЗҮЛӨТ?

## Окуу жайларында билим алуу жана кесипке багыттоо маселелери боюнча мектепте өткөрүлүүчү маалыматтык иш-чара

Университеттин кызматкерлери мектепте окуу программаларын сунуштайт жана кабыл алуу шарттары, күндөлүк окуу курстары менен мүмкүн болгон кесиптик чөйрөлөр тууралуу маалымат беришет. Окуучулар үчүн маалыматтык иш-чараларды кызыктуу уюштуруу үчүн маалымат программасына мүмкүнчүлүккө жараша ошол мектептин мурунку бүтүрүүчүлөрү болгон студенттер тартылат.

## Университетте кесипке багыттоо боюнча окуучулар жана ата-энелер үчүн өткөрүлүүчү иш-чаралар

Мындан тышкары, окуучулардын университет жана окуу сабактарынын сунуштары менен тааныштыруу боюнча түздөн-түз кампус жайгашкан жерде иш-чаралар уюштурулат, бул айрым адистешкен бөлүмдөр (факультеттер) менен байланыш түзүүгө мүмкүндүк түзөт. Бул конкреттүү окуу программасына кызыккан жана жалпы маалымат эмес, конкреттүү суроолоруна жооп алууну каалаган окуучулар үчүн айрыкча кызыктуу болуп саналат.

## Сабактарга/университеттик шаарчага сынак баа берүү

Сабактарга сынак катышуу ("дегустация") – университеттеги «тест түрүндөгү» окуу болуп эсептелет, анын жүрүшүндө окуучулар университетте дайыма өткөрүлүүчү иш-чараларга катышууга мүмкүнчүлүк алышат. «Сынак» окуу жана окуу программаларынын/сабактарынын сунуштарына багыт алууга көмөктөшүү менен бирге, окуу программасын тандап алууда жаңылыш чечимдерди кабыл алууга бөгөт коёт. Сабактарга сынак катышуу ЖОЖдо «мөөнөтүнөн мурда окуу» түрү болуп саналбайт, окуу программасын тандап алуунун көмөкчү куралы болуп эсептелет. Сабактарга сынак катышуу ("дегустация") мезгилинде окуучулар 10-класстан баштап университеттин күндөлүк турмушуна чөмүлүшөт. Тандап алган окуу иш-чараларына катышуу менен алар университеттик окуу деген эмне экендиги, кандай окуу сабактары өтүлөрү, университеттик шаарчанын аймагында (кампуста) дагы эмнени ачса болору тууралуу түшүнүк алышат. Окуучуларды адатта студенттер коштоп жүрүшөт, шаарчанын аймагында издеген багытын таба билүүгө жана университеттин күндөлүк турмуш-жашоосун түшүнүүгө жардам беришет.

# 4.6 ИШКАНАЛАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ КАНДАЙЧА ЖҮРГҮЗҮЛӨТ?

Ишканалар менен бир кыйла эрте жана ыкчам байланышуунун натыйжасында өспүрүмдөр жана жаштар кызыккан эмгек жашоосуна жана окутууга даярдыктан жакшыраак өтүшөт. Алар кийинки кадамы тууралуу максатка багытталган чечим кабыл алышы күтүлөт. Ишканалардын катышуусу практикалык баскычтарды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн өтө зор мааниге ээ. Жергиликтүү координациялык кеңселер тарабынан «мектептен-кесипке өтүү» боюнча практикалык баскычтарды ишке ашырууга көмөк көрсөтүлөт.

Ишканалар менен кызматташуунун түрлөрү экономиканын түрдүү болушундай эле кенен, кеңири жүргүзүлөт.

Төмөндө Германиянын кызматташуу тажрыйбасынан алынып берилген жалпы жана конкреттүү мисалдар Кыргызстанда дагы кызматташуунун пайдалуу импульстарын жана идеяларын берет деп ишенебиз.

Китепте мындан ары адегенде уюштуруу жагынан жөнөкөй иш-чаралар, андан соң бардыгын камтыган, көп убакыт бөлүүнү талап кылган, антсе да эки тарапка тең пайдалуу болгон кызматташуу түрлөрү сунушталат.

## Ишкананын эксперттерин окутуу процессине тартуу

Компаниянын эксперттери конкреттүү кесиптик чөйрө, күндөлүк иштер, билим алуу/кесиптик даярдыктан өтүү жолдору тууралуу маалымат сунушташат жана окуучулардын суроолоруна жооп беришет. Бул жерде өз алдынча ишкерлер катары алектенген же жергиликтүү эмгек рыногунда өзгөчө суроо-талапка ээ болгон кесиптик чөйрөдө эмгектенген ата-энелер да ишке тартылышы мүмкүн. Эксперттер жана ишкерлер катышуучу сабактарда берүүчү суроолорун окуучулар жакшылап ойлонуштуруп алуусу үчүн, бул сабактарды өткөрүүгө класста мурунтан даярданып коюу максатка ылайык.

## Кесиптер менен таанышуу максатында ишканаларга экскурсиялар

Кесиптер менен таанышуу максатында ишканаларга экскурсиялар кесипке багыттоо программасынын төртүнчү баскычында өткөрүлөт, анткени бул баскычта эмгек ишмердүүлүк дүйнөсү менен таанышуу жана практикалык тажрыйбадан өзүн сынап көрүү жөнүндө сөз болот.

Ошондуктан, экскурсиялар мүмкүн болушунча ишканада өткөрүлүшү жана бир иш күнүн толук бойдон чагылдырышы зарыл. Окуучулар же сереп салуучу экскурсияга барышат (фабрикалык айлампа) же топтордо накта өндүрүштүк милдет-тапшырмаларды аткарышат. Ошону менен окуучулар алгачкы практикалык тажрыйбага ээ болушат жана эмгек ишмердүүлүк дүйнөсүнөн кабар алышат. Ар түрдүү кесиптер менен таанышуу максатында ишканага экскурсия кесипке багыттоо программасынын биринчи үч баскычынан соң, өз мүмкүнчүлүктөрүң талдоодон кийин жүргүзүлөт. Ал талдоонун жүрүшүндө окуучулар өздөрүнүн компетенцияларын жана кызыгууларын таанып билишет, ошондой эле ар түрдүү кесиптик чөйрөлөр жана билим алуу жолдору менен таанышышат. Ишканага экскурсия мектепте даярдалат жана жыйынтыктары талкууланат.

**Экскурсияны уюштуруу:** Ишканага экскурсия бир күнгө созулат. Ойдогудай уюштурулган учурда, экскурсия окуучулардын ишканадагы күнүмдүк иш процесстери жөнүндө анык маалымат алышы үчүн өндүрүштүк процесстин мүмкүнчүлүгүнө жана күнүмдүк иш тартибине багытталышы керек. Кесипке багыттоо программасынын алкагында 9-класста бир нече экскурсия өткөрүү каралган.

### Окуучулар кайсы тармактардагы/кесиптик чөйрөлөрдөгү экскурсияга барарын ким аныктайт?

Сунуштар аймактык экономикалык түзүмдү б.а. аймактык эмгек рыногун чагылдырышы керек. Окуучулар ата-энелердин же педагогдордун кеңеш берүүсүнөн кийин кайсы кесиптик чөйрөнү көрүп келери жөнүндө өз алдынча чечим кабыл алса – бул баарынан жакшы. Мектептер экскурсияларды уюштуруу үчүн жергиликтүү тармактарды пайдаланат. Бул учурда ошондой эле окуучулардын өз мүмкүнчүлүктөрүн талдоонун жыйынтыгы эске алынышы зарыл. Жаштар өздөрүнүн кесиптик келечеги үчүн ылайыктуу кесиптик чөйрөлөрдү издеп жана аныктап алышы зарыл. Алардын ар түрдүү кесиптик чөйрөлөр менен таанышуусу абдан маанилүү.

### Ата-энелер ишке кандай деңгээлде тартылышы керек?

Ата-энелер өздөрүнүн иш берүүчүлөрү аркылуу же ишканалардын ээлери катары зарыл учурда өздөрү ишканага экскурсия уюштурат, кесиптик чөйрөнү тандоодо балдарына кеңеш берет жана ылайыктуу иш ордун/окуу жайын издөөдө көмөк көрсөтүүсү ыктымал.

## Германияда кесиптик чөйрө менен таанышуу үлгүсү: Байер АК лабораториясындагы ачылыштардын түрлөрү

Концерндин ишмердүүлүгүнүн негизги түрү – химиялык жана фармацевтикалык өнөр жайы. Кесиптик чөйрө менен таанышуу 20 окуучу үчүн сунушталат. Табигый илимдер жаатындагы кесиптер, химиялык жана биологиялык лабораториялардын лаборанттары, химиктер көңүлдүн борборунда болот. Адегенде презентация көргөзүлөт, андан соң компанияга экскурсия жүргүзүлөт. Аягында окуу борбору көрсөтүлөт, анда катышуучулар окуучулардын лабораториядагы иштөөсүнө байкоо жүргүзүшөт жана алар менен маектеше алышат. Программа саат 9.00 дөн саат 15.00гө чейинки убакытты ичине алат.



## Кыргызстанда кесиптик чөйрө менен таанышуу үлгүсү

### 1. Каракол шаарында эмгек дүйнөсү менен кездешүү – бетон заводуна баруу

Каракол шаарынын №1 жана № 3 – мектептеринин 9-классынын окуучулары "Курулуш-Темир" ААКда бетон өндүрүшү менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн алышты. Окуучулар сабакта алдын-ала экскурсияга даярданышкан жана ишканага барган учурунда бул дараметтүү иш берүүчүгө камдап алган суроолорун тикелей беришти. Алар куруучу кесибине коюлган талаптар жана бул ишканага ишке кабыл алуу шарттары жөнүндө билишти.



### 2. Талас шаарында эмгек дүйнөсү менен кездешүү – сүттү кайра иштетүү боюнча «Талас Даамы» ишканасына баруу

Сүттү кайра иштетүү боюнча «Талас Даамы» ишканасы 9-класстын 60 окуучуга өз эшигин кенен ачты. Иш сапар 2 саатка жакын созулду. Окуучулар иш сапарга мектепте даярданышкан. Ишкананын мүдүрү Бактыбек Тууганбаев окуучуларды жеке өзү кабыл алып, компаниянын ишмердүүлүк чөйрөсү жана ага ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу кызыккан окуучулардын бардык суроолоруна чын көңүлдөн жооп берди. Ал ошондой эле өз турмушу, жеке ишкердүүлүктү качан баштагандыгы жөнүндө да баяндады. Андан соң окуучулар үчүн экскурсия жүргүзүлүп, анын жүрүшүндө алар топтордо иш процесси менен таанышышты жана ар түрдүү операцияларды аткаруу учурунда кызматкерлердин ишине байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алышты, кызыктырган суроолорун беришти. Эми 9-класстын окуучулары «Талас Даамы» ишканасынын даамдуу сүт азыктары тууралуу иш жүзүндө билишет. Мындан тышкары, өз аймагындагы маанилүү иш берүүчүлөрдүн бири менен таанышышты. Иш сапардан кийин айрым окуучулар бул ишканага ишке орношуу тууралуу ойлонуп калышты.





## 3. Бишкек шаарында эмгек дүйнөсү менен кездешүү – суусундуктарды чыгаруучу «Шоро» компаниясына баруу

Бишкек шаарынын № 68, №69-орто мектептеринин 10-классынын окуучулары Бишкектеги ар түрдүү эмгек рыноктору менен таанышышты. Суусундуктарды чыгаруучу «Шоро» компаниясы окуучуларга экскурсияга чейин эле белгилүү болгон, анткени бул суусундуктар шаардын бардык жеринде көчөлөрдө, күркөлөрдө сатылат. Антсе да, окуучулар иш сапарга чейин суусундуктардын өндүрүшү, күнүмдүк иштердин жүрүшү тууралуу эч кандай маалыматы жок эле. Ошентип класста алар маалыматты даярдап жана бышыкташты. Иш сапар убагында жергиликтүү иш берүүчүлөрдөн ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү жана дасык талаптары тууралуу маалымат алышты.



*Кесиптик чөйрө менен таанышуу үчүн маанилүү кеңеш!!*

*Ишканаларга, ЖОЖдорго, кесиптик лицейлерге экскурсияга барар алдында же тиешелүү мекемелердин өкүлдөрү кесипке багыттоого мектепке келер алдында аларга берүүчү суроолорун окуучулар жакшылап ойлонуштуруп алуусу үчүн, класста мурунтан даярданып алуу зарыл.*

### Өндүрүштүк тажрыйба

Окуучулардын өндүрүштүк тажрыйбасы тогузунчу же онунчу класста 2-3 жуманын ичинде өткөрүлөт. Германияда окуучулардын өндүрүштүк тажрыйбасы милдеттүү болуп саналат жана мектептин окуу программасына киргизилген. Өндүрүштүк тажрыйбанын натыйжалуу болушун камсыз кылуу үчүн ар тараптуу даярдык жана андан кийин мектепте талдоо зарыл. Өндүрүштүк тажрыйбага кандай предметтер жана кайсы сабактан берген мугалимдер көмөк көрсөтөрү мектепте аныкталат. Өндүрүштүк тажрыйбанын аркасында окуучулар эмгек дүйнөсү менен тикелей таанышат, алага өздөрүнүн көндүмдөрүн жана ишкананын талаптарын билүүсүнө шарт түзүлөт.

### Практикалык курстар: кесипке багыттоо боюнча келечек иш-аракетин аныктай элек жаштар үчүн кошумча сунуштар

Германияда компаниялардагы жана окуу жайлардагы практикалык курстар тогузунчу жана онунчу класстардын окуучулары үчүн кесипке багыттоо боюнча тереңдетилген сунуштар болуп саналат. Алар мүмкүнчүлүктөрүн талдоонун, кесиптик чөйрө жана өндүрүштүк тажрыйба менен таанышуунун негизинде практикалык тажрыйбасын тереңдетишет.

Практикалык сабактар үчүн 21 саат каралган. Кесипке багыттоого колдоо көрсөтүү максатында 3 күндүк жекече практикалык курстарды өткөрүүгө болот, же класстагы баардык окуучулар үчүн да сунуштоого мүмкүн. Практикалык курстарды өткөрүү үчүн мектептерге компанияларды же мекемелерди тандап алууда ким көмөк көрсөтөт? Мектептер үчүн координацияланган сунуштарды берүү максатында муниципалдык координациялоо борбору мектептердин, иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтарынын, ишти аткаруучулардын, мекемелердин, ошондой эле коомдук уюмдардын ортосунда кызматташууну уюштурат.

### Мектептик ишкана

**Мектептик ишкана –** окутуу чөйрөсүндө өнөктөштүк мамилелерди калыптандыруу үчүн аймактык компаниялар менен мектептердин иш-аракетин бириктирүү демилгеси болуп саналат. Ылайыктуу мүмкүнчүлүктөргө жараша ишкана менен мектептин ортосунда кызматташуу боюнча жекече сунуштар биргелешип иштелип чыгат. Окуучулар окутуунун ар түрдүү тармактарында, сабактарда жана класста тажрыйба менен өз ара байланыш аркылуу узак мөөнөттүү, үзгүлтүксүз кесипке багыттоону алышат.

## **Мектептик ишкана, 1-мисал:** Мектеп «Кодак» фирмасы (фотосүрөт жана бастырып чыгаруу технологиясы) менен кызматташат

### Кызматташуу кандайча жүрөт?

«Кодак» фирмасынын кызматкерлери окутуучулар менен биргелешип **мектеп программасы боюнча 20 темадан турган практикалык мисалдарды иштеп чыгышат**. Мисалы, 5-класста өнөктөш фирма менен таанышып келген күндөн кийин география, англис тили, физика, немис тили, химия жана математика сабактарынан кызыктуу эксперименттер жана тажрыйбалык мисалдар сунушталды.

**Тажрыйба мисалдары:** Долбоор менен алгачкы өз ара байланыш 5-класстын окуучуларынын география жана англис тили сабактарында «Аймак жана тышкы дүйнө» темасы боюнча интервью берүүсү аркылуу жүрөт, мында компания жана анын аймак үчүн мааниси тууралуу көбүрөөк түшүнүк алышат. 6-класстардын окуучулары химия сабактарында «Кодак» фирмасынын кызматкеринин жардамы менен «Суу – өмүрдүн булагы» темасында эксперимент өткөзүшөт.

**Максаты:** Окуучулар ишканалар тараптан кесипкөй колдоо аркылуу окуу материалына карата жаңы мүмкүнчүлүртөрдү көрүшөт. Алар эмне үчүн окуп жаткандыгын так түшүнүп калышат. Практикалык сабактар окуучулардын кызыгуусун жана умтулуусун жогорулатууга өбөлгө түзөт.









## **Мектептик ишкана, 2-мисал:** Мектеп наабайкана менен кызматташат

Мектеп менен ишканалардын ортосундагы өнөктөштүктүн максаты окуучуларды окуу программасынын мазмунундагы кесиптер дүйнөсүнүн практикалык мисалдары менен тааныштыруу, бул учурда ал мисалдар күндөлүк эмгек турмушунда кай жерде колдонуларын аныкташат.





*Маанилүү кеңеш!*

*Чакан ишканалар да экспериментке катыша алат! Бул демилгеде ишкананын көлөмү мааниге ээ эмес жана адам ресурстарына көп чыгым талап кылынбайт!*

## Мектептик компаниялар

Мектептик компаниялар – бул анык компаниялар эмес, мектептик билим берүү долбоорлору болуп эсептелет, антсе да уюштурулушу жана түзүмү жагынан «накта» компаниялардай иштешет. Окуучулар өндүрүмдөр жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча идеяларды өз алдынча өнүктүрүшөт. Алар ишкананын рентабелдүүлүгүн, рыноктогу зарылчылыгын, уюштурулуусун, түзүмүн жана өндүрүмдүүлүгүн текшерет жана камсыз кылат.

Ишти жүргүзүү үчүн кызматкерлерди табуу жана ишке тартуу, чыгымдарды жана бааларды эсептеп чыгуу, ошондой эле бизнес-процесстерди башкаруу зарыл. Бирок мектептик компанияда чоң киреше алуу тууралуу сөз болбойт. Анын максаты - окуучулар өздөрүн ишкерлер катары сезип, ишкердик шык-жөндөмдөрүн жана компанияны башкаруу жөндөмүн аныкташына шарт түзүү болуп саналат. Бул учурда окуучулар иштен ырахат алышат жана мектепте окулбаганы менен андан ары жашоосу үчүн керек болгон сабактарды окуп үйрөнүшөт.

**Мектептик компанияларды мектепке ишке тартуу:** тандоосу боюнча милдеттүү предмет, бир күндүк өз алдынча иш же башка бир өзгөчө уюштуруу түрү.

**Бул учурда иш ыктыярдуулук принцибине негизделишин эске алуу маанилүү жана аймактык компаниялар менен окуучуларга колдоо көрсөтүү жана кеңеш берүү үчүн кызматташуу чечүүчү ролду ойнойт.**

## ЮНИОР программасы аркылуу мектептик компанияларды түзүү

Германияда түзүлүшүнө, өнүгүшүнө жана кеңейишине ЮНИОР программасы аркылуу колдоо көрсөтүлгөн көп сандаган мектептик компаниялар бар. Өлкөнүн бардык аймагында ЮНИОР программалары окуучуларга мектепте өзүнүн старт-ап бизнесин түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Программанын максаты жаштарды кесипке багыттоо, окууга жөндөмдүүлүгүнө жана кесиптик мүмкүнчүлүгүнө, ошондой эле экономикалык билимге жана негизги дасыктарга ээ болуусуна көмөк көрсөтүү болуп саналат.

Окуучулар окуу менен бирге ишкердик иш-аракеттердин негизги принциптерин өздөштүрүшөт жана андан аркы кесиптик ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон социалдык жана кесиптик негизги компетенцияларга ээ болушат.

Мектептик компаниянын иштөө максаты – окуучуларга: көз карандысыздык, көйгөйлөрдү чечүү көндүмү, командада иштөө жөндөмдүүлүгү, тырышчаактык, демилгелүүлүк, креативдүүлүк, өзүнө сын көз менен кароо сыяктуу негизги дасык даражаларын берүү.

Бул кесипкөй жана иш-аракетке жөндөмдүү инсандын өтө керектүү көндүмдөрүнө зор практикалык тажрыйбадан өтүү аркылуу менен жетишүүгө болот.


Мектептик компаниянын иши теория менен практиканын ырааттуу өз ара байланышын камсыз кылат, ошондуктан компаниялар менен кызматташуунун мааниси өтө зор!

Узак мөөнөттүү изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көргөзгөндөй, ЮНИОР программаларына катышуу окуучулардын келечек иштерин жакшыртат. Программалар мындан тышкары мектептин профилин бекемдейт жана сабакты ар түрдүү өтүүгө мүмкүндүк берет. Ошентип, ЮНИОР программалары мектеп менен аймактык экономиканын ортосундагы эң мыкты көпүрө болуп саналат.

ЮНИОРдун бардык мектептик программалары окуучуларга багытталган. Ал программалар эмгек дүйнөсүнө ийгиликтүү өтүүгө өбөлгө түзөт жана жаштарга аларды кесипке багыттоодо көмөк көргөзөт. Бизнестин өкүлдөрү менен түзүлгөн байланыштын натыйжасында окуучулар өзүнүн кесибин тандоо боюнча жеке чечимдери үчүн маалыматка ээ болушат жана практикалык кеңештерди алышат.

## Мектептик компаниянын үлгүсү: Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар (ДМЧА) үчүн энциклопедия

**Джаспер ЮНИОРдун программасына катышкан жана учурда өзүнүн досу Линус менен менчик он-лайн долбоор иштетет. Майыптык тууралуу түшүнүк берүүчү веб-баракчанын жардамы менен бул эки жаш адам ден-соолук мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга көмөк көрсөтүүнү күчөтүүнү каалашат.**




***Джаспер**: «Майыптык түрлөрү тууралуу түшүнүк берүүчү веб-баракчаны түзүү идеясы менин досум Линуска тийиштүү. Ал балдардын жана чоңдордун өзүнө карата айтылган: «Ий, байкуш», «Эмнеси ооруйт экен?» же «Эмне болуптур?» деген суроолорун мындан ары уккусу келген эмес жана бул суроолорго түшүндүрмө бергиси келген. Дене-боюбуз жана сүйлөө кебибиз жагынан майып болгонубуз менен, бул жагдай бизге чектөө коё албайт. Буга окшогон тантык айың-кептер бизди иш-аракетке түрттү. Линус мындан ары ачууланып отура бергенди каалабай калды, ал бир нерсе жасоону чечти. Линус менден: «веб-сайт иштеп чыгууну каалайсыңбы?»,- деп сурады, мени да жогорку жагдай тажаткандыктан, мен дароо эле макулдугумду бердим».*

***Келечекте эмнени каалайсыңар?***

*«Биз ар бир адамга анын майыптыгы бар же жок экендигине карабастан, эмгек рыногунда бирдей мамиле жасалышын жана баарыдан мурда теңдеш мүмкүнчүлүктөр берилишин каалайбыз».*

***www.handicap-lexikon.de***




## ***Оң натыйжалар:*** *Мектептик компанияга катышуу аркылуу ишкердик жигерин күчөтүү*

***Бул үч сапат**: ынтызарлык, кардарларга жүзүн буруу жана өзгөрүүлөргө даяр болуу – ишти жаңы баштаган ишкер үчүн эң мыкты мүнөз-сапаттар деп белгилейт Даниэль Бартель (30).*

*Даниэль муну так билет, анткени мектепте окуп жүргөн кезинде эле өзүнүн менчик ишкердик долбоорлорун коштоо менен алектенген. Бардыгы ал мектептик ЮНИОР компаниясынын башкаруучусунун орун басары болуп жүргөндө башталган жана бир нече старт-ап долбоорлордон кийин ал азыр «Новаторлордун бизнесин кеңейтүү» деген ураан алдында иштеген, новаторлорго бизнес-идеяларын айлап эмес, бир нече күн ичинде ишке ашырууга мүмкүндүк берген MAKЗit акционери болуп эсептелет.*



*«10- класста мен класссташтарым менен бирге CLIPIt компаниясын түздүм, - деп баяндайт Даниэл –Биз чекене соода кылган соодагерлердин аты-жөн жана иш-чаралардын аталышы жазылган көрнөкч жасадык жана тиешелүү графикалык дизайн сунуштадык». Анын алгачкы ишкердик долбоору үлгүлүү болбогону менен, жагымдуу эскерүүлөр менен коштолгон: «Мектептик компания узак мөөнөттүү келечекке багытталган жана долбоор башталгандан баштап аягына чейинки бардык баскычтарды камтыйт. Бул жагдай ушул күнгө чейин мага жагат».*

***«Идея ишке туура ашырылбаса, ал түккө да турбайт».***

## Мисал: ЮНИОР сынактар

Кандай мектептик компания мыкты болууга татыктуу? Бул суроого жыл сайын өткөрүлүүчү улуттук ЮНИОР сынагы жооп берет. Сынакка милдеттүү түрдө катышуу зарыл эмес, ал өзүн жана компаниясын көпчүлүк эл алдында көргөзүүнү каалаган бардык мектептик компаниялар үчүн кошумча сунуш болуп саналат.

Курамы бизнес жана билим берүү боюнча эксперттерден, ошондой эле тандалып алынган башка ЮНИОР компанияларынан турган калыстар тобунун алдында мектептик компаниялар 5 категория боюнча жарышат:

1. Иши тууралуу жылдык отчет;
2. Сахнада презентация көргөзүү;
3. Көргөзмө тактасындагы интервью;
4. Көргөзмө тактасынын дизайны;
5. Бизнес-идея.

Мектептик компания эң ырааттуу жалпы концепциясы үчүн сыйланат. Жогоруда аталган критерийлерге кошумча окуучулардын кызыгуусун өнүктүрүү процесси, маселелерди жана чакырыктарды команда менен кандайча чечери, же потенциалдуу кардарларды жана инвесторлорду шыктандыруу жөндөмү да каралат.

Алгачкы үч жеңүүчүнү калыстар тобу төмөнкүдөй сыйлыктар менен сыйлайт: Биринчиликти жеңип алган компания улуттук сынакка катышат, анда өзүнүн концепциясын жалпы улуттук эрөөлдүн алкагында дагы бир жолу көрсөтөт. Экинчи, үчүнчү орунга ээ болгон компаниялар кызыктыруучу сыйлыктарга ээ болушат.






## Германдык ишкерлер бирлигинин катышуусу

Германдык ишкерлер бирлиги мектептик- окутуучулук сынакты уюштурат: окуучу жыл сайын технология темасы боюнча өткөрүлүүчү MI(N)T! ке («Математика-информатика-табигый илимдер-техника») катышат. Сынакка үч компания: ClydeBergemannGmbH, GrunewaldGmbH&Co. KG жана WOMAGmbH колдоо көрсөтөт. Ишкерлер бирлиги ар түрдүү өнөктөштөрдүн ишин координациялайт. Төрттөн алтыга чейинки окуучудан түзүлгөн командалар сынакка катышып, анын жүрүшүндө насаатчы катары бир же эки окутуучунун колдоосу астында илим жана техника тармагындагы көндүмдөрүн көргөзүшөт. Окуучулар чыдамдуулукту талап кылган иш менен алектенишет жана долбоорлордогу жыл сайын өзгөрүп туруучу, кийин мектепте сабактарда да колдонулуучу тапшырмаларды аткаруу үчүн узанышат.

Командалардын тиешелүү жергиликтүү өнөктөш компаниядагы насаатчылар жана инженерлер менен беш ай убакыт ичинде тикелей байланышы өтө маанилүү.



## Германиянын Соода-өнөр жай палатасынын катышуусу: экономика тармагында ыйгарылган сыйлыкта

СӨП экономика тармагында жыл сайын сынак уюштурат жана окуучуларга сыйлыктарды ыйгарат. Ал экономикалык темаларды жана өз ара байланыштарды күнүмдүк мектептик жашоого жуурулуштурууга багытталган үлгүлүү жана келечектүү долбоорлорду сыйлайт.

Мисалы, 2016-жылы «Бизнес, башкаруу, укук» долбоорунун алкагында окуучулар ылайыктуу аймактык тема тууралуу ой жүгүртүштү.



## Мектептен тышкары кызматташ өнөктөштөр менен биргеликте кесипке багыттоого көмөк көрсөтүү боюнча жыл сайын түзүлүүчү долбоор

Мындай жыл сайын өткөрүлүүчү долбоорлордун алкагында окуучулар өздөрүнүн мектептен тышкары өнөктөштөрү менен биргеликте кызматташып, окуу жылы бою накта кесиптик көйгөйдү чечүүнүн үстүндө иштешет.

Мектептен тышкары кызматташ өнөктөштөр төмөнкүлөр болушу мүмкүн: компаниялар, ЖОЖдор жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын мекемелери. Максаты: иш аяктагандан кийин өндүрүмдү иштеп чыгуу, чечүү жолун табуу же презентация өткөрүү.

Мисалы: окуучулар мектептин короосу үчүн эмеректин дизайнын иштеп чыгышты, үлгүлөрүн жасашты, андан соң эмеректин бөлүктөрүн чогултуп, орнотуп коюшту. Окуучулардын башка бир тобу ар түрдүү өлкөлөрдүн тамак-аш жасоо ыкмаларын камтыган ашкана китебин түздү.





## Жыл сайын өткөрүлүүчү долбоордун мисалы – Аары багуу, бал челек кармоо жана бал алуу

Окуучулардын катышуусу менен өткөн бул жылдык долбоордун максаты – алардын аары багуунун жана бал өндүрүмдөрүнүн маанисин түшүнүп, бал челек кармоонун ыктарын жана сырларын үйрөнүүсүнө жетишүү болуп саналат. Бул үчүн бал челектер жасалып орнотулат жана аарылар алынып келинип жайгаштырылат. Алынган балдан ар кандай өндүрүмдөр даярдалат жана сатыкка коюлат. Бул долбоор үчүн мектептен тышкары кызматташ өнөктөштөр же эксперттер болуп балчылар жана жыгач усталар эсептелет.

## Жаштарга билим берүү жана социалдык иш жүргүзүү мекемелеринде кесипке багыттоо

Жаштарга билим берүү жана социалдык иш жүргүзүү мекемелери мектептер жана иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары менен катар жаштарды кесипке багыттоонун негизги катышуучулары болуп саналат. Жаштарга кесип тандап алуу жөнүндө чечим кабыл алууга жигердүү көмөк көрсөтүүнүн көптөгөн ыкмалары бар.

Жаштарга билим берүү жана социалдык иш жүргүзүү мекемелери компаниялар же университеттер менен биргелешип маалыматтык иш-чараларды, семинарларды, мисалга алсак, бош иш ордун издөө боюнча тренингдерди, ошондой эле сынактарды жана билим берүү жарманкелерин уюштура алат.

## Жаштарга билим берүү жана социалдык иш жүргүзүү мекемелери менен жеке бизнестин ортосундагы кызматташуу үлгүсү: сынактарды уюштуруу




Жаштар уюмдары, мисалы, ишканалар менен биргеликте старт-ап компаниялар үчүн идеяларды топтоо сынагын өткөрүшү мүмкүн. Старт-ап долбооруна кызыккан жаштарга идеяны өнүктүрүүдө компаниянын ментору тарабынан колдоо көрсөтүлөт.

Ошондой эле калыстар тобунун курамына жеке бизнес боюнча эксперттер жана жетектөөчү адистер чакырылат, алар идеяларга баа берип, жеңүүчүлөрдү аныкташат.

## Жаштар уюмдары менен жеке бизнестин, университеттердин, мектептин ортосундагы кызматташуу үлгүсү: окуялуу каттамды уюштуруу

Ар түрдүү бекеттери бар окуялуу каттамды уюштурууда окуучулар өздөрүнүн күчтүү жактарын ачышат жана анык кесиптик келечек менен өз ара байланышты орнотушат. Ошентип оюн түрүндө жаштар кесиптик темага өзүнүн жарыш баштоо мезгилин табат жана өздөрүнүн күчтүү жактарын аныктоого, ата-энелер, окутуучулар жана кеңешчи адистер менен талкуулоого шыктанат. Кесипке багыттоодо төмөнкүлөрдү көңүлгө алуу зарыл: мүмкүн болушунча эрте баштоо керек! Бирок эрте жана тез натыйжага жетишүү максатында эмес! Кесипке багыттоого убакыт керек жана бул жолду басып өтүү мезгилинде максаттар улам-улам өзгөрүп турушу ыктымал! Жаштар өздөрүнүн күчтүү жактарын жана каалоолорун аныктоодо, ошондой эле эмгек дүйнөсүндөгү мүмкүнчүлүктөрдү издөөдө өз алдынча ой калчап, өз алдынча чечим кабыл алышы өтө маанилүү. Жана бул окуялуу каттам өзүн ачуу боюнча саякаттын мыкты башталышы болуп саналат.

### Бекеттердин үлгүлөрү:

**ЛАБИРИНТ:** Мен муну аткара алам: кесиптер дүйнөсүндө жана жашоо-турмушун мерчемдөөдө багытын аныктай алуу;

**УБАКТЫЛУУ ТУННЕЛЬ:** Мен өзүмдүн келечегиме көз салып жатам: жашоо-турмушун жана эмгекти уюштуруу;

**САХНА:** Мен муну жасап көрөм: ролдордун жана келечек иштердин алмашылышын билүү.

### Максаттар/Темалар:

1. Өздөрүнүн күчтүү жактарын, негизги, түйүндүү компетенцияларын, кызыгууларын, келечек каалоолорун, өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн жана кесиптер дүйнөсү менен өз ара байланышын аныктоо;
2. Жашоо-турмуштук мисалдардын ар түрдүүлүгүнөн кабардар болуу жана анын конкреттүү баскычтарында чечим кабыл алуунун маанисин түшүнүү;
3. Аймактык кеңеш берүү борборлору жана алардын колдоо көрсөтүү сунуштары менен таанышуу.

# 5 КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЕСИПКЕ БАГЫТТОО ТАРМАГЫНДА СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮК ҮЛГҮСҮ

**Кыргыз Республикасында кесипке багыттоо тармагында социалдык өнөктөштүк үлгүсүн өнүктүрүү жакшы жолго салынып келе жатат.**

## Мында ийгиликке жетүү факторлору болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- ✓ Өлкө Өкмөтү, атап айтсак Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги мектептерге башка өнөктөштөр менен биргеликте кесипке багыттоонун тутумдуу программаларын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда, жалпы процессти башкарууда жана жетиштүү деңгээлде адистик жана материалдык ресурстар менен камсыздоодо колдоо көрсөтүүнү камсыз кылат;
- ✓ Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү кызматтары менен мектептердин кесипке багыттоо процесстерин биргелешип ишке ашыруу, кеңеш берүү жана өбөлгө түзүү боюнча иш-чараларын координациялайт жана кызматташуусун камсыздайт;
- ✓ Кесиптик лицейлер, колледждер, техникумдар жана университеттер кесипке багыттоого жигердүү катышат жана окуучулардын окуу жайларда кесиптик даярдыктан өтүү же окуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө толук маалымат алышы жана окутуучулар, окугандар же студенттер менен тикелей баарлашуусун камсыз кылуу максатында өз эшиктерин кенен ачышат;
- ✓ Бизнес бирикмелери жана социалдык өнөктөштөр кесипке багыттодо өзүнүн жигердүү катышуудагы күч-аракеттерин жигердентет, бул кесипке багыттоо жана даярдыктан өтүү алкагында практикалык тажрыйба алууга мүмкүндүк берет;
- ✓ Кесипке багыттоонун жергиликтүү тармактары катышуучулар ортосунда кызматташууну башкаруу боюнча мыкты калыптанган түзүм болуп калат.

*Ийгиликке жетүүнүн эң маанилүү фактору –жаштарды биргелешип кесипке багыттоо максатында катышуучулардын кызматташтыгы жана өз ара аракеттенишүүсү болуп саналат!*

*Кесипке багыттоонун жана кеңеш берүүнүн ийгилиги катышуучулардын милдеттерди биргелешип аткаруусуна жараша болот! Демек, кесип тандап алуунун олуттуу жана чечүүчү жолунда жаштарга жигердүү колдоо көрсөтүү боюнча максаттарга жетүү үчүн социалдык өнөктөштүк алкагында кызматташуу өтө маанилүү!*

**Deutsche Gesellschaft für Internationale Zusammenarbeit (GIZ) GmbH**
**“Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик окутууга көмөктөшүү” программасы**

Исанов көч., 96,
720001, Бишкек,
Кыргызстан

Т +996 312 90 91 47
Ф +996 312 90 65 58
I www.giz-employment.kg